9
Америкада мексикалыктарды ишке алган кыргыз



3
Ун 2-3, шекер 1 сомдон кирет




# САРЕСЕП

3-март, 2016-жыл
№08 (41)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Алмайы бар, бермейи жок лотореялар

6-бетте



Кыргызстан террорчуларды даярдайбы?

7-бетте



Балдар "Кимсе йокму" уюмун жандантты

12-бетте

# Алтын кендерин казууга эл ыраазы эмес



5-бетте




# Тажик президенти кургакчылык болот дейт

Тажик президенти Эмомали Рахмонов бул жылы жайында Борбордук Азияда кургакчылык болушу мүмкүн деп эскертип өттү.

"Өткөн кыштагы кардын аз жаашы менен жаздын эрте келиши бул жылы боло турган кургакчылыктан кабар берет", – деди ал дүйшөмбү күнү өткөн өкмөтүнүн жыйынында.

Анын айтымында, кургакчылык факторун эске алуу менен колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, жерлерди, бактарды, жүзүмзарларды кандыра сугаруу керектигин жана кайсыл жерде ылайыгы келсе, суу топтоо керектигин айтып өттү.

Президенттин пресс-кызматынын билдирүүсү боюнча, мамлекеттик жыйында жаздын эрте келиши менен айдоо-себүү иштерин кечиктирбей баштоо тууралуу айтылган. Колдо бар каражатты жана материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөрдү үнөмдүү жана аяр пайдалануу керектиги эскертилген.

"Ал эми калкка азык-түлүктү кенен жыйнап алуу сунушу айтылды", – дейт тажик президентинин пресс-кызматы.



# Улуттук банк дагы 150 кг алтын сатмакчы

Атайын уюштурган пресс-жыйында Улуттук банктын (УБ) төрагасы Толкунбек Абдыгулов: "Алтын куймаларды сатуу долбоору ийгиликтүү болду", – деп билдирди.

Анын айтымында, бүгүнкү күнү УБ 65 кг алтын куймаларын 220 млн. сомго саткан. Каржы тескөөчү уюм алтын куймаларынын биринчи партиясынан эч нерсесин койбой сатып салган. Учурда УБ "Кыргызалтын" менен алтындын экинчи партиясын сатыкка чыгаруу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатат. "Кара-Балтадагы заводдо 100 грамм салмагындагы алтын куймалар жасалып жатат", – деп түшүндүрдү Улуттук банктын жетекчиси.

"Бирок, Кара-Балтадагы тоо-кен комбинаты сатылуу алдында турганына карабай, Улуттук Банк мындан ары да алтын куймаларын ушул жерде гана чыгарууну ниеттенип турат. Алтын куймаларды чыгаруу боюнча башка талапкерлерди издөө жөнүндө эч кандай сөз болгон эмес. Ошондой эле Улуттук банк алтындарды сатуу географиясын кеңейтет. Алтын куймаларды каржы тескөөчү областтык башкармалыктары аркылуу сата баштайт. Учурда эки коммерциялык банк Улуттук банктын куймалары менен иштөө боюнча тиешелүү лицензияларды алышты", – деди Толкунбек Абдыгулов.

Алтын куймаларынын экинчи партиясында да 150 кг сатылмакчы.




# Кыргызстан дүйнөлүк базарга алмасын чыгарат

Былтыркы жылдан бери Кыргызстанга эки жылда түшүм берчү интенсивдүү алманын көчөттөрү келе баштады. Анткени менен бул алманын түрү аябагандай көп мээнетти талап кылат. Бирок ошого жараша түшүмдү да мол берет. Өткөн жылы «Азра жемиштери» компаниясы Сокулук районундагы Жаңы Пахта айыл өкмөтүнө 50 гектар жерге 150 миң түп көчөт отургузган. Буга чейин Талас жергесине отургузуп көрүп сынашкан.

Алманын бул түрү башка алмалардан айырмаланып бою кыска келип, мөмөсүн жыйнаганга өтө ыңгайлуу. Ортолоруна техника кирип чыгыш үчүн 3,5 метр калтырылат. Таң калыштуусу, бир саптагы көчөттөр 80 сантиметр аралык менен отургузулат.

Компаниянын негиздөөчүсү Миргазы Оморов: «Европада негизги рынокту Орусия ээлеп турган. Азыр аларга чектөө киргизилип, бизге чоң мүмкүнчүлүк түзүлдү. Түркиядан, Орусиядан келчү товарлардын «текчеси» бош болуп турган учурда дароо ээлеп алышыбыз керек», – деп эсептейт.

Алманын бул түрү 20 килограммдан 150 килограммга чейин түшүм берет. Анын сабактары түшүмдү көтөрө албаганынан улам атайын тирөөчтөр коюлуп, зым менен тартылат. Көчөттөр 30 градус суукка туруштук бере алышат. Башка алмалар 10 гектар жерге отургузула турган болсо, мындай алмалар 1 гектар жерге отургузулуп, жерге да, башка каражаттарга да үнөмдүү болот. «Азра жемиштери» компаниясы көчөттөрдү Бельгиядан алып келип сатууну ылантмакчы. Бир түп көчөттүн баасы 150 сомго барат.



# Жаштар нашакор эмес ишкер болгусу келет

Республикалык наркология борборунун деректору Руслан Токубаевдин айтымында Кыргызстан боюнча 33 710 баңгилик жана аракечтикке берилген адам катталган. Алардын 14 453ү Бишкектик болуп, өлкөдөгүлөрдүн 40-45%ын түзөт. Аракка алдырып жибергендердин көбү эркектер. 10 пайызга жакыны аялдар. Баңгиликке моюн сунуп берген аялдар 800дөй. Бул дагы жалпы сандын 10%ы. Сүйүнтүчү, 2014-жылга салыштырмалуу былтыр баңгикорлор 270ке азайган. Укук коргоо органдарынын жакшы иштегени. Героин сыяктуу оор баңгилердин көбүнүн кармалуусунан улам наркологиялык абал жакшырууда. Жаштардын диндарлашып, мечитке барып, намаз окуганынан улам өткөн кылымдын 90-жылдарындагы баңгилердин мода болуу доору артта калды. Азыр жаштардын сергек жана ийгиликтүү болууну каалаганы абалды оң тарапка бурду.





# 29-февраль күнү 336 бала төрөлдү

Төрт жылда бир кайталанган 29-февралдын келиши менен быйылкы жыл бир күнгө узагыраак болуп, республикабыздын төрөт үйлөрүндө 336 баланын төрөлүшү катталган. Бул тууралуу Саламаттык сактоо министрлигинин пресс-кызматы билдирди. Анын ичинде:

- Баткен облусу боюнча – 46;
- Ош облусу боюнча – 105;
- Жалал-Абад облусу боюнча – 60;
- Талас облусу боюнча – 15;
- Нарын облусу боюнча – 13;
- Ысык-Көл облусу боюнча – 21;
- Чүй облусу боюнча – 11;
- Бишкек шаары боюнча – 65 наристе жарык дүйнөгө келген. Быйылкы жыл календарь эсеби боюнча 4 жылда бир кайталанган бир суткага көбүрөөк жыл.



# Ошто 13 партия ат салышат

Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Абдижалил Муратовдун билдирүүсүндө Ош шаардык кеңешине талапкерлерди каттоого арыздар 15-февралда токтотулган. Талапкер партиялар тапшырган документтердин бардыгы текшерилгенден кийин 13 саясий партия Ош шаардык кеңешинин шайлоосуна катышууга укук алышты. Шайлоого катыша турган партиялардын тизмеси:

- «Күч биримдикте»
- «Өнүгүү-Прогресс»
- «Ата-Мекен»
- «Бир-Бол»
- «Кыргызстан»
- «Республика – Ата-Журт»
- «Мекеним Кыргызстан»
- Кыргызстан коммунистеринин партиясы
- КСДП
- «Ата-Журт»
- «Эмгек»
- «Аалам»
- «Демократ».

Ош шаардык кеңешине талапкер болуп жалпы жонунан 17 саясий партия аттанып чыккан. Алардын төртөө айрым бир документтеринин жетишсиздигинен улам шайлоодон четтетилди.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 5800**
**Буйрутма № 475**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Быйыл өлкөдө кургакчылык күтүлөбү?

**Тажикистан президенти Эмомали Рахмон Борбордук Азияда кургакчылык күтүлүүдө деген билдирүү менен калкына "сууну топтоп, үнөмдөгүлө" деп кайрылуу жасады. Ушундан улам "Кыргызстан кургакчылыкка даярбы жана алдын-ала кандай чаралар көрүлүүдө" деген суроого жооп издеп көрдүк**



Чү дегенде эле Кыргыз өкмөтүнө караштуу АГПК жана экология бөлүмүнүн орун басары Таалайбек Абаскановичке кайрылдык эле ал: "Туура, кургакчылык болот деген билдирүүлөр бар. Бирок азыр биздин суу сактагычтагы суулар жылдагы көлөмүндө эле. Жаз эрте келгенине байланыштуу дыйкандарга күн ысып кеткиче эгинди эртерээк сепкиле деп жатабыз. Күн ысыганча пландалган өсүмдүктөр чыгып, сугарылып калыш керек. Ошондой эле жашылча-жемиштердин баарын тамчылатып сугарыш керек деп дыйкандарга кеңеш берүүдөбүз. Мүмкүнчүлүккө карап сууну аз талап кылган өсүмдүктөрдү сепсе жакшы болот. Азыр кургакчылык болот, суу жетпейт деген маселени айтуу эрте. Себеби ал кийинчерээк, мөңгүлөр эригенде билинет. Рахмон кургакчылык болот деп айтканы менен Тажикистанга аймакташ болгонубузга карабай, климатыбыз башка. Болгону биз даяр болушубуз керек", – деген жооп кайтарды

Кыргыз гидрометеорологиясынын башчысы Татьяна Геннадиевна болсо төмөнкүлөргө токтолду:

"Азыр кургакчылык жөнүндө айта албайбыз. Биздин борбор дагы бул тууралуу алдын-ала эч кандай маалымат бере албайт. Бул жылы өлкөдө кургакчылык күтүлөт деген билдирүү бизге келип түшкөн эмес. Аба ырайында азырынча бул маселе боюнча маалымат бере турган эч кандай өзгөрүүлөр күтүлө элек", – деп жооп узатты.

Ал эми кургакчылык маселеси жана жаздын эрте келишине байланыштуу дыйканчылыкта иштер кандай экенин билүү максатында Айыл чарба жана мелиорация министрлигине кайрылганыбызда алар "Азыр бул иштер тууралуу эч нерсе айта албайбыз. Бул темалар боюнча жоопту адис чет жакта командировкада жүрөт" деген гана жоопту алдык. Айла канча? Өлкөдө кыштан бери кар түшпөй, жаз келбей жатып жай келип турганына карабай, айыл чарбага тикелей тиешеси бар мекеменин жападан-жалгыз адиси чет жакта жүргөнүнө тымызын кейип отуруп калдык.

# Сирияга кеткендер эч кимди укпайт

**Сирияда убактылуу тынчтык келишим күчүнө кирген. Эгер согуш толугу менен токтосо, ал жактан кайтып келе турган Кыргызстандын жарандары өлкө үчүн чоң коркунуч жаратат дегендер да бар. «Эгерде бул келишим бузулбай тынчтык орносо, Сириядан кайткандарга кандай чара көрүлүшү керек?», – деген сурообузга** "Антитеррор" бирикмесинин жетекчиси Артур Медетбеков **жооп берди**



– 27-февралда Сирияда ок атышууну токтотуу боюнча тынчтык келишими күчүнө кирди. Бул Сириянын президенти Башар Асад менен оппозициячыл топтордун ортосундагы келишим эмес. Эки чоң державанын, Америка менен Орусиянын ортосунда түзүлгөн келишим. Персия чөлкөмү, Түркиянын кызыкчылыгы келишимдин сыртында калган. Бирок, тынчтык келишими күчүнө киргени менен айрым аймактарда атышуулар токтогон жок. Орусиянын жогорку даражадагы кызматкерлери "Жабхат ан-Нусра" менен "ДАИШ" террордук топторун бомбалоону улантарын айтып жатышат. Ошондуктан бул келишим так аткарылат деп эч ким кепилдик бере албайт.

2013-жылы да мындай чакан келишимдер болуп, атышуу токтобогондон улам жокко чыккан. Башар Асад тарапта дүйнөгө таанымал террордук "Хезболла" уюму согушуп жатса, каршы тарапта "Жабхат ан-Нусра" жана "ДАИШ" террордук уюмдары согушуп жатат. Бир тарапка геосаясий кызыкчылыгын көздөгөн чоң өлкө жардам берсе, экинчи тарапка да ири мамлекет жардам берип жатат. Кыргызстандан Сирияга согушка баргандар эки тарапта тең согушуп жүрүшөт. Эгерде алар бул жакка келсе, Кыргызстанда уктап жаткан экстремисттик топторду ойготпой койбойт деп эч ким кепилдик бере албайт. Ошондуктан аларды аныктап, тактап, каттоого алуу зарыл. Кандай болгон күндө да булар өз мамлекетине келгенде тийиштүү кылмыш иштери козголуп, аларды тактоо, каттоо иштерин жүргүзүш керек. Мыйзам чегинде кылмыш иши козголуп, алар байланышкан жакын санаалаштарына карата да оперативдүү иштер жүргүзүлүшү кажет. Сирияга кеткендер бул жихад эмес, кайсы бир күчтөрдүн саясий оюну экенин түшүнгүлөрү да келбейт. Булар динге жамынган экстремисттик топторго кирип, андан ары маңкурт болуп кетишкен. Аларды мындай абалдан чыгаруу кыйын.

# Ун 2-3, шекер 1 сомдон кирет

**2016-жылдын 1-мартында "Green city" мейманканасында ЖИАнын ишкерлери менен** мамлекеттик салык кызматынын төрагасы Замирбек Осмонов **жана анын орун басары Октябрь Абдыкаимов мырзалардын жолугушуусу болду. Жолугушууда Замирбек мырза 10-марттан баштап ЕАЭБдин алкагында кирген жана чыккан товарларга жаңы тартип киргизүү боюнча кененирээк маалымат берди:**



Биздин мамлекет Бажы биримдигине киргенден тартып тартип өзгөрдү. Азыр чек арада бажы кызматы жок. ЕАЭБдин алкагында эркин соода жүрүп жатат. Бирок, ал жерден кирген товарлардын эсебин жүргүзүш үчүн жана кирген мөөнөтүн такташ үчүн ыктыярдуу кошумча талон системасын киргизгенбиз. Биз азыр өткөн 6 айдын ичиндеги 46 миң товардык талондорду текшердик. Анда киргизилген товарлар 10 эсеге чейин азайтылып көрсөтүлгөн. Мисалы, 100 тонна ун келсе, 10 тонна деп жазылган. Баасын чыгара келгенде килограммы 2-3 сомдук ун кирип атат. Кумшекер 1 сомдон, жыгач 2,5 миң сомдон кирип атат. Натыйжада биз эсептеп көрсөк, 6 ай ичинде 3 600 млн. сом салык түшпөй калды. А чек арадан жашырылган көлөм, сөзсүз ички сатуудан да жашырылат. Демек, биз ички салыктан да жоготуп атабыз. Эң коркунучтуусу өзүбүздүн ата мекендик ишкерлер зыянга учуроодо. Себеби, жашырылган салыктын эсебинен импорттолгон товардын баасы арзандап кетти. Ошонун айынан товары өтпөй калган ишкерлер же көмүскөгө кетүүдө, же такыр эле жабылууда. Ушундан улам айла жок алдын-ала кабарлоо дегенди 10-марттан баштап киргизмей болдук. Бирок, бул да көп талкуу жаратты. Кээ бирлер «Биз бир айда кантип алдын-ала айта алабыз? Мүмкүн 1 айда деген товарыбыз 2 айда келип калат. Балким ун деп жазып, кайра шекер алып келүүгө туура келет. Доллар да күнүгө өзгөрүп атат» деп айтып атат. Ушундай суроолордон улам ар бир чек ара постуна түшүндүрмө бере турган пункт ачалы дедик. Ал эми 30 күн боюнча айтсак, эскертүү менен товар киргизүүнүн арасы сөзсүз 30 күн болуш керек деген жокпуз. Болгону 30 күнгө чейин эскертүү бериш керек деп жатабыз. Керек болсо, жүк чек арадан кирээрге 2 саат калганда да жазып койсо болот. Же мурун ун алып келем деп эскертүү жазып, кийин шекер алып келип калса, мурунку эскертүүсүн оңдоп, «шекер алып келдим» деп жазып кире берет. Бул жанагы мыйзамды бузуп алып кичине тыюу болот жана салык топтоочуларга кичине из калат деген ойдобуз.

# Бул атайын жасалган иш

**15-февраль күнү өздөрүн "патриотпуз" деп атаган топ Орусиядагы кыргыз кыздардын дагы бир видеосун коомчулукка тараткан. Анда жигиттер эки кызды суракка алып, "эмне үчүн азер жигиттер менен кафеге келдиңер?" деп опузалашкан. Учурда ошол тасманы тартып, кыздарды кордогон жигиттер кармалып, камакта отурат. Ушундан улам биз "Бул жигиттер чын эле патриотторбу, же кылмышкерлерби?" деген суроо менен** «Кырк Чоро» коомдук бирикмесинин жетекчиси Замирбек Көчөрбаевге **кайрылдык.**



"Мен кыздар берген көрсөтмөнү уктум. Ал кыз: "Мен кафеден чыккандан кийин бизге кызмат кылгыла. Бул чынында патриотчулукка жатпайт" деген сөздөрдү айтып жатпайбы. Менимче, бул тасма кандайдыр бир деңгээлде патриотпуз деп жүргөн балдарды каралаш үчүн атайын жасалган иш-аракетпи деп ойлойм. ИИМдин Москвадагы өкүлчүлүгүнүн «эки бала кармалды» дегенине деле ишене бербейм. Анткени Москвада болуп жаткан окуялар тууралуу эл ичинде кызуу талкуу болуп жатпайбы. Булар ошого чекит коюш үчүн атайын мигранттар менен сүйлөшүп туруп иш кылышы мүмкүн деп ойлойм. Себеби буга чейин мындай иштер кайталанган. Кармалган эки баланын көрсөтмөсү боюнча караганда дагы алар мындай нерсеге бара турган балдардай көрүнбөйт. Сүйлөгөн сөздөрү да башкачараак. Негизи Орусияда «патриотпуз» деп кыздарды сабагандарына мен каршымын. Бирок ошол эле учурда андай кыздарды сабабай, тескерисинче, аларга түшүндүрүү иштерин жүргүзсө болмок. Анткени менен бул демилге туура. Себеби улуттук ар-намыс деген бар. Кыргыз элинин, мамлекетинин эртеңки ар-намысы, керек болсо, ошол кыздардын абийири да кыргыз жигиттерине тиешелүү. Айрым жеңил ойлуулукка алдырган кыздардын айынан бүтүндөй кыргыз кыздарынын абройона шек келүүдө. Анткени кыргыз кыздарынын баары эле андай эмес да. Ошондуктан кыргыз жигиттерине жана кыргыз кыздарына сунуш пикирлерин айтып, мындай жолго барбагыла деп түшүндүрүү иштерин кылсак туура болмок деп ойлойм. Бирок эч качан кыздарды уруп, сабабаш керек."

# Ач көз элитаны төңкөрүү – жакшы көрсөткүч - 3

Дарон Ажемоглу менен Жеймс А. Робинсондун «Өлкөлөр эмнеге ойрон болот» китебинде негизги ой – «Жакыр өлкөлөрдү чап кенедей жабышып, канын соруп алсыраткан анча көп эмес «элита» башкарат. Бул арам кекиртектер өлкө экономикасын элдин эсебинен жашаганга ыңгайлаштырышкан». Кыргызстанды башка өлкөлөр менен салыштырганда бул теориянын чын төгүнү айкын болот деген ойдобуз



## Түштүк жана Түндүк жаштарынын кыялдары

Тигил же бул мамлекеттин экономикалык бакубатчылыгы анда калыптанган экономикалык эрежелерге жана жарандарынын ишмердүүлүгүнүн кубатталуусуна байланыштуу. Эмесе, Түштүк Корея менен Түндүк Кореялык өспүрүмдөрүнүн келечектен эмне күтөрүн элестетип көрөлү. Түндүк кореялык өспүрүмдөр ишкердик эмне экенин билбей жакырчылыкта чоңоюшат. Алардын мектепте алган билиминин көбү коммунистик режимдин алмашкыс береке экенин таңуулаган үгүттөн башка эч нерсе эмес. Жансактоо үчүн алар кээде тыюу салынган соода-сатык менен алектене калышат. Бирок алар жеке менчиги эч качан болбосун жана ишкерлик кылып байып кете албай турганын бөркүндөй билишет.

Түштүк Кореянын өспүрүмдөрү сонун билим алышат. Экономикалык шарттар аларды мээнеткечтикке жана кесибин эрте тандоого түрткү берет. Алар эгер ийгиликтүү ишкер же жалданма кесипкөй болушса, жашоосун каалагандай жакшыртууга, үй жана унаа сатып алууга, сапаттуу кызматтарды пайдаланууга мүмкүнчүлүгү болорун жакшы билишет.

## Сиңимдүү экономика

Түштүк Кореяда калыптанган экономикалык институттарды биз инклюзивдүү (англ. inclusive – «өзүнө сиңирген», «бириктирген») деп атадык. Инклюзивдүү институттарга жеке менчикти коргоо, адилеттүү сот системасы, экономикалык талаага жаңы оюнчулардын оңой кире алуусу, жарандардын каалаган кесибин тандап, карьера кылуусу кирет.

Инклюзивдик экономикалык институт экономикалык өсүү жана өркүндөөнүн эки негизги кыймылдаткычы болгон – технологиялык жаңылануу менен билимге шарт түзөт. Туруктуу экономикалык өсүү сөзсүз технологиялык жаңылануу менен коштолот. Себеби алар инсандын эмгеги, жер жана каражат деген өндүрүштүк үчилтиктин өндүрүмдүүлүгүн арттырат. Экономикалык институттардын инклюзивдик рыноктун мүмкүнчүлүгүн пайдалануу жөндөмү, технологиялык жаңылыктарды колдоосу, жарандарынын ар тараптуу өсүүсүн каржылап, алардын ышкылары менен адаттарын багыттоосу – экономикалык өсүүнүн зарыл шарттарына кирет.

Жеке менчикти сактоо, сот системасын ыңгайлаштыруу, коомдун жалпы экономикалык жагдайын жакшыртуу, келишимдерди түзүү жана соода жүргүзүү эркиндигин камсыздоо, тартип орнотуу үчүн күч колдонуу, уурулук менен алдамчылыкка бөгөт коюу, жеке же юридикалык тараптарды бири-бири менен түзгөн келишимдерин аткарууга мажбурлоо – мамлекеттик мекемелердин иши. Ошондуктан инклюзивдүү экономикалык институттар күчтүү мамлекетке муктаж жана аны колдонушат.

## Сыккан экономика

Түндүк Кореянын укуктук системасы коммунисттик элитанын өзүн-өзү байыткан аспабына айланган. Биз инклюзивдикке карама-каршы келген мындай институттарга экстрактивдүү (англ. to extract – «сыккан», «сууруп алуу») деп атайбыз. Тагыраак айтканда, алар коомдун калың катмарынын капчыгын сыгуу аркылуу кичине бир бөлүктүн чатырап баюусуна шарт түзгөн институттар.

Кореянын түндүгү менен түштүгүнүн, Америка Кошмо Штаттарынын Латын Америкасынан айырмалануусу фундаменталдуу өзгөчөлүктөргө ишарат кылып турат. Инклюзивдүү институттар экономикалык өсүүгө, жумуштун берекесинин артуусуна жана бакубатчылыкка алып келет. Жеке менчик укугунун сакталуусу негизги өзөк болуп эсептелет. Анткени жеке менчиги мыйзам менен корголгон адам гана бул мамлекетте акча жумшоого, эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттырууга даяр болот. Ак эмгеги менен тапкан нерсесин уурдатып, тарттырып жибererin, же көтөрө алгыс салык салынарын ойлонгон ишкер акча жумшап, жаңы техниканы сатып алууну бул жакка кой, иштегенге да көөнү чаппайт.

## Сиңирген жана сыккан саясий институттар жана күчтүү бийлик

Түндүк Кореянын экономикалык институттарын 1940-жылы бийликке келген коммунисттер таңуулап келүүдө. Демек, Түштүк Кореяны Түндүктөн анын саясий системасы айырмалап турат. Эгер бийликтин эки тизгин бир чылбыры чакан топтун колуна берилип, анын өзүм билемдиги эч нерсе менен чектелбесе, анда биз абсолюттaшкан саясий институттарга кабылдык дегендик. Мындай саясий түзүм экономикалык институттарды бул топтун гана баюусуна ылайыктап, анын аркасы менен башкалардын эсебинен жеке бийлигин чыңдап кете берүүсүнө шарт түзөт. Анын тетирисинче, бийликти коомдогу ар түрдүү топторго тең салмактуу таратып, ошол эле убакта алардын бийликти колдонуусун чектеген саясий институттар кеңешип бармак кескен саясий системаларды жаратат.

Мындан сырткары, жетишерлик деңгээлдеги борборлошкон жана күчтүү бийлик да олуттуу мааниге ээ. Эгер саясий талаада башкалардын башын кошкон жана эмнени кылса болот же болбойт экенин чечкен күчтүү оюнчу жок болсо, коом бири да жетекчилик кыла албаган элдешкис тайпаларга бөлүнүп кетет. Бийлик аламан байгедеги улакка айланган кезде коом башаламандыкка кептелип, саясий жана мамлекеттик биримдиктен кол жууйт. Өкмөт экономиканын жана соода-сатыктын өнүгүүсүнө жетишерлик тартипти орното албастан, керек болсо жарандарынын коопсуздугун да кепилдей албай калат.

Коммунисттер коомду баш көтөртпөй көзөмөлдөп, элитасы май-талканга малынып жашап жатат.

## Өлгөндүн үстүнө көмгөн болбосун

Экономикалык жана саясий институттардын ортосунда өз ара кубаттоочу жагдайлары бар. Экстрактивдүү саясий институттар бийликти ак сөөкмүн дегендердин колуна топтоп, аны колдонууну чектеген бардык шарттарды жокко чыгарып берет. Ошол эле убакта мындай элита коомдун бардык тайпаларынын эсебинен жашаганга шарт түзгөн экономикалык институттарды негиздеп чыгат. Мисалы коммунисттердин коомду баш көтөртпөй көзөмөлдөгөнүн эске албай туруп, Түндүк Кореяда миллиондогон элди жакырчылык туңгуюгуна кептеп коюп, коммунисттик элитанын май-талканга малынып жашаганын элестетүүгө да болбойт. Бузулган саясат менен былжыган экономиканын өз ара бири-бирин кубаттоосу ак сөөктөрдүн алкымын барган сайын араандай ачып, саясий талаада жаңы олуттуу оюнчулардын пайда болуусуна бөгөт коет. Өз кезегинде экстрактивдүү экономикалык институттар арам кекиртек элитаны байытып, байлыгын саясий артыкчылыгын арттырып кете берүүгө өбөлгө түзөт. Бирок алардын бири-бирин коштоп сайроосу муну менен чектелбейт. Эгер экстрактивдүү саясий шарттарга карабай салыштырмалуу оңураак кызыкчылыктары бар атаандаш топ пайда болуп, бийликти биринчи элитадан тартып алган убакта да, алар мурункулардын таз кейпин кийип, өздөрүн эч нерсе менен чектегиси келбеши мүмкүн.

## Ит жыгылыш деген жок

Инклюзивдүү экономикалык институттар инклюзивдик саясий институттардын иштөөсүнөн улам пайда болот. Алар бийликти жарандардын калың катмарына таркатып, ошол эле убакта бийликти каалаганча колдонууну чектейт. Кандайдыр бир топтун бийликти толугу менен тартып алуусун оорлоштуруп, өз пайдубалына сокку урулуусун алдын алат. Убактылуу жана чектелүү бийлик кылгандар өздөрүнө гана кызмат кылган экстрактивдүү экономикалык институттарды түзө албайт. Инклюзивдүү экономикалык институттар болсо, киреше менен мүмкүнчүлүктөрдү өсүп-өнүгүп бараткан коомго тегиз таркатып, инклюзивдүү саясий институттарынын туруктуулугун камсыздайт. Ошондуктан инклюзивдүү экономикалык институттар экстрактивдүү саясий институттардын натыйжасы да, негизи да болуп бере албайт. Бул салгылашууда бир тарап сөзсүз жеңип чыгат. Же инклюзивдүү экономикалык шарттары чектелбеген бийликти эңсеген топтор тарабынан атайын экстрактивдүү экономикага айлантылат, же экстрактивдүү саясий институттардын ичинде пайда болгон күчтүү экономикалык агым аны уратып, инклюзивдүү саясий институттардын негизделүүсүн шарттайт.

Которгон ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# 5 миллиарддык кен 100 миңге сатылган

Кыргызстанда жалпы жонунан 318 ишкана алтын жана башка баалуу таштарды казууга лицензия алган. Геология жана минералдык рессурстар мамлекеттик агенттигинин маалыматына ылайык, алардын 62си учурда иштеп жатса, калгандары бургулоо, изилдөө иштери менен алек. Мына ушул компаниялардын 80 пайызына жакыны чет элдиктерге тиешелүү. Айрымдары казылган алтындын бир нече пайызын мамлекет менен бөлүшсө, калганы 100 пайыз акцияга ээлик кылып отургандар

## Ири кендерди жалпы жонунан чет элдиктер иштетет

Акцияга жүз пайыз ээлик кылгандар өндүрүлгөн алтындын дагы толук кожоюну боло алат. Мындай компаниядан мамлекеттин бюджетине болжол менен 5 млрд. сом өлчөмүндөгү салык жана социалдык төлөмдөр төлөнүп, жергиликтүү эл иш менен камсыз болот. Андан сырткары, жумушчулардын айрым социалдык көйгөйлөрү да чечилип турат. Бирок, серепчилер жумшалган жана төлөнгөн каражат өндүрүлгөн алтындын 10 пайызын гана түзүшү мүмкүн дешет.

Алдыңкы ири компаниялар дагы чет элдиктерге тиешелүү. Маселен, Кумтөр алтын кенин "Centerra Gold Inc" аттуу канадалык компания иштетсе, Бозумчактагы алтын кенин казакстандык "Казахмыс голд Кыргызстан" ишканасы иштетет. Ал эми чоңдугу боюнча Кумтөрдөн кийинки орунда турган Таластагы Жерүй алтын кенин иштетүү лицензиясы Орусиялык "Восток-геолдобыча" ишканасына берилген.

## Алтынга "аңчылык" өткөн кылымдын ортосунда эле башталган

Анткени менен алтын казуу иштерине жергиликтүү калк качан болбосун каршы чыгып келет. Акыркы мезгилдерде өтүп жаткан наразычылык акциялары дагы дал ушул маселеге байланыштуу. Кыргызстандагы кен байлыктарды казып иштетүү өткөн кылымдын 50-жылдары эле башталган. Бирок негедир анда калк алтын казууга каршы чыккан эмес. Буга биринчи себеп кубаттуу диктатордук режимден улам калкты көтөрүп чыгууга мүмкүн болбосо, экинчиден азыркыдай маалымат жеткиликтүү болбогон соң, эл андан келип чыккан зыянды анчейин түшүнө берген эмес. А бүгүнкү күнү кээ бир компаниялар менен карапайым калктын ортосунда байма-бай чыр-чатактар чыгып келгени жашыруун деле болбой калды. Анткени кен казуучулар эң жөнөкөй талаптарды орундоодон да качып, элдин наразычылыгын күчөтүүдө. Андайда айласы кеткен эл жол тосуп, пикет, митинг өткөрүүгө аргасыз болот.

## Жерүйдө 5 млрд. доллар бар, бирок...

Таластагы жерүй алтын-кенине 50 жыл мурун эле чалгындоо иштери жүргүзүлүп, кенди иштетүү лицензиясы бир колдон экинчи колго өтүп келатканы менен бүгүнкү күнгө чейин бир тоголок алтын да казыла элек. Болбосо бул кенде кеминде 94 тонна алтын, 13 тоннадай күмүш бар дешет. Байлыктын орточо баасы 5 млрд. доллардан ашат. Мына ушул Жерүйдүн тарыхынан өзүнчө эле бир илимий публицистикалык чыгарма жаратса болчудай. Себеби ал элүү жылдан бери кимдердин гана колунан өтпөдү. Баш аягы 5 компания алтын казууга аттанып чыкса, арасында фабриканын жарымын куруп койгондору дагы бар. Акыр түбү өткөн жылы лицензияга "Восток-геолдобыча" ишканасы ээлик кылып, аны 100 миң долларга сатып алган. Чынында, конкурска "Кыргызалтын" ААКы дагы катышып, 111 миң доллар сунуштаган. Бирок кандайдыр бир ыкма менен уруксат кагазы "Восток-геолдобыча" ишканасына өтүп калган. Аталган ишкана учурда ишин баштай албай турат. Буга бирден бир себеп жергиликтүү элдин, анын ичинде Бекмолдо айыл өкмөтүнүн жашоочуларынын каршы чыгуусу. Айта кетсек, эл буга чейинки компаниялардын дагы ишин жайлатып, жолун тосуп келген.

"Талас эл ынтымагы" кыймылы облуста сурамжылоо жүргүзүп, элдин Жерүй алтын кенинин иштешине каршы болуусунун негизги себептерин аныктап чыккан. 4000 адам катышкан сурамжылоо боюнча көпчүлүк эл Талас облусундагы алтын-кен чыккан жерлерди иштетүүгө мораторий киргизүүнү колдойт. Жергиликтүү калктын мындай чечимге келишине төмөнкү себептер негиз болгон:

**1.** Алтын казып алууга тиешелүү мыйзамдар тоо-кен, өнөржай тармактарын өнүктүрүүгө жана элдин кызыкчылыгына эмес, схемалашкан коррупцияны өнүктүрүүгө ылайыкташтырып жазылган;

**2.** Дүйнөлүк Банктын категориясына жараша «Жерүй» алтын-кени «А» тобокелчилик тобуна кирген. Бул топко кирген алтын-кенди эч кандай ыкма менен иштетүүгө мүмкүн эмес;

**3.** «Жерүй алтын-кени ар дайым чакан жер титирөөлөр болуп турган "Суусамыр-Уч-Келте сынгы" деген сейсмологиялык-тектоникалык аймакта жайгашкан;

**4.** Талас облусунун чакан аймагында 15 жерде расмий түрдө алтын кени бар болгондугу;

**5.** «Жерүй» алтын кени деңиз деңгээлинен 3700 метр бийиктикте жайгашканы. 2700 метр бийиктиктен кийин түбөлүк тоңдуктун башталышы;

**6.** Мөңгүлөрдүн, тоң суулардын жок болушу, таза суунун кескин түрдө азайышы, жайыттардын куурашы, жапайы жаныбарлардын, флора-фаунанын жок болушу;

**7.** Жаратылыштагы экосистемасынын бузулушу адамдардын ден-соолугунун начарлашына алып келет.

**8.** «Жерүй» алтын-кенинен болжолу 100 тонна алтын чыкса, Кыргыз мамлекетинин бюджетине беш гана тоннасы кирери;

**9.** «Жерүй» алтын-кени стратегиялык маанилүү объектиге кирет. Демек, бул жерди сатууга же көп жылдык ижарага берүүгө болбойт.

## «Суу - өмүр булагы, алтын - шайтан куралы»

Серепчи, экономисттер Кыргызстандын экономикасын жакшыртуунун негизги жолдорунун бири органикалык таза өндүрүмдү иштеп чыгуу деп байма-бай айтып келет. Бирок кен байлыктарды учурда колдонулуп жаткан технологиялык ыкма менен казууну уланта берсек, Кыргызстан органикалык өлкө деген статусту жоготуп алышы мүмкүн. **Бекмолдо айылынын тургуну Серен Шейшенов** муну бир эле экономисттер эмес, карапайым калк дагы жакшы түшүнөрүн айтат.



"Жерүй деңиз деңгээлинен 3000 метр бийиктикте турган суу башындагы чөлкөм. Чокусунан үч чоң суунун башы түшөт. Булар Чоң-Чычкан, Чычкан жана Кашка-Суу суулары. Алар түз эле барып Талас, Кара-Буура, Манас райондоруна түшөт. Ал эми алтынды иштетүүдөн келип чыккан саркындынын зыянын баарыбыз билебиз. Мына ушул жана жогоруда айтылган себептерден улам, биз Жерүйдүн ачылышына жол бербейбиз. Ансыз да эл 10дон ашык жылдан бери алышып жүрүп тажап бүттү. Кыйкырып атып тамагыбыз айрылмай болду. Эл тоюп да, чарчап да бүттү. Ушунча жылдан бери миңдеген адамдардын талабы аткарылган жок. Тегерек үстөлдөр өтүп атат. Тынчтык митингдери, пикеттер, ачарчылык жарыялоолор болуп атат. Жолдор жабылып, машиналар өрттөлүп, милициялар сабалып келатат. Деги бул качан бүтөт? Эмне үчүн органдын адамдары менен карапайым эл кырылыша бериш керек? Эмне үчүн бийлик башындагылар ушуну ойлонушпайт? Эмне үчүн дайыма эле эл бузуку, эл тартипсиз делип чыга келет", – дейт ал.

## Уулуу заттан таза өндүрүм чыгабы

Бир эле Чаткал районунда бүгүнкү күнү 30 ишкана алтын казуу менен алек. Ал эми алар мамлекеттен ижарага алган жер жалпысынан 3975 гектарды ээлейт. Ушундан улам Кыргызстан алтындын үстүндөгү өлкөдөй элестейт. Бирок маселе анда эмес. Алтын казуудан өлкө пайда көрүп жатабы, же зыян тартып жатабы, маселенин түпкүрү ушунда. Жайыттардын талкаланышына, эчендеген жылдардан бери турган мөңгүлөрдүн бузулушуна жана жалпы экологиялык абалдын мурдагы калыбына кайтып келишине эч ким кепилдик бере албайт.

Алтындын дүйнөлүк баасы күн санап өсүп келаткан маал. Учурда анын бир унциййи 2000ден ашык АКШ долларын түзүп турат. Мындай шартта атайын адистер Кыргызстан алтын кендерин өзүнүн күчү менен иштетсе туура болмок деген ой да ойлондурбай койбойт.

Маалымат катары, жергиликтүү калк буга чейин Ала-Бука районундагы "Иштамберди" алтын кенин иштеткен Кытайлык "Фулд Голд Майнинг" компаниясы менен чатакташкан. Ошол эле райондогу Өрүктү айыл өкмөтүнүн тургундары KGM Ltd кыргыз-кытай компаниясынын Соломо алтын кенин казууга каршы чыгып жол торогон. Андан соң аталган райондогу Бозумчак алтын кенин чалгындап жаткан "Казахмыс Голд Кыргызстан" компаниясы менен жергиликтүү калк араздашып материалдык жоготуулар болгон. Ушуга тектеш окуя Чоң-Алай районунда да катталган. Анда кытайлык "Интербизнес Кайди" компаниясы калктын каршы чыгуусунан улам, ишин 1 жылга чукул убакыт токтотуп турган. Араздашууда аталган компаниялар бир далай материалдык чыгымдарга учурап, техникалары талкаланган.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА






Таластагы "Жерүй" алтын кени

# Алмайы бар, бермейи жок лотереялар

Учкан куштай шуулдап бараткан бул өмүрдө бардык адамдар жакшы жашоого умтулат. Кээ бири бир заматта миллиондогон акчага ээ болуп, миллионер болгусу келет. Мына ошол оңой олжого тунгусу келгендер үчүн атайын лотереялык оюндар ойнотулууда. Бирок акыркы учурларда лоторея менен шылуундар шугулданып калган деген кептерден улам өлкөбүздө лотереялык оюндарга тыюу салына баштады



Өлкөбүздө лотерея ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө 46 жеке компанияга уруксат кагазы берилген. Бул компаниялар жылына бюджетке болжолу менен 100 миң сомдон 33 млн. сомго чейин салык төлөшөт. Бирок айтылуу лотереялык ишканалар оюндарын канчалык деңгээлде калыс жүргүзүп жаткандыгына эч ким кепилдик бере албайт. Ушундан улам жакынкы күндөрү эле "Кыргызстанда лотерея ойнотууга тыюу салыш керек" деген мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин кароосунан өттү.

## Мамлекеттин карамагына өткөрүү керек

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын төрагасы Санжар Муканбетов мырза лотереяларды токтотуунун ордуна, аларды мамлекеттин карамагына өткөрүү керектигин билдирди.

"Мамлекеттик финансы көзөмөлдөө кызматы лотереяларга тыюу салуу демилгесинин максаты казино сыяктуу көрүнүштөрдүн алдын-алуу болсо анда буга кошулат. Бирок биздин мекеменин атынан мамлекеттик лотерея ишканасын түзүүгө чакырат элек. Бул бир тараптан ишеничтүү да болмок. Мисалы, кайсы бир оюнчу утулуп калса да, билетке берген акчасы өлкөбүздө болуп жаткан социалдык муктаждыктарга жумшаларына ишенмек. Мисалы, курулуштарга, маданий иш-чараларга, спортко же дагы ушул сыяктуу нерселерге кетмек. Лотереялык оюндар элдин ишеними менен болушу керек. Эгер мамлекеттик лотерея кызматы түзүлүп калса ишеним, салык, ачыктык сыяктуу көрүнүштөр болмок", – деди ал.

Анткени менен аталган мыйзамга айрым эл өкүлдөрү каршылыгын да билдирип өтүштү. КСДП саясий партиясынын мүчөсү Дастан Бекешов лотереяларга тыюу салууга болбой тургандыгын төмөнкүдөй түшүндүрдү:

"Лотереялык оюндарга жөндөн-жөн эле тыюу салып коюуга болбойт. Лотереялык ишмердүүлүккө тыюу салынган учурда дагы алар акырындык менен өздөрүнүн иштерин жүргүзө берет. Жөн эле мисал келтирип берейин, бир топ автоунаа ойнотуп жатат дейли. Оюнга катышуу үчүн 100 сомдон турган билет сатып алуу кажет. Эгер билеттеги номериң ойнотуу барабанынан чыкса, сен авто унаа утасың. Мындай мыйзамсыз лотереялар бар, элдер катышып эле келе жатат. Өлкөбүзгө жеке менчик, мыйзамсыз эмес, мамлекеттик лотереялар керек. Мындай оюндар союз убагында деле болгон. Эгер мамлекеттин карамагындагы лотереялар болсо бул маданият жана саламаттык сактоо фонддорун толтуруунун бир булагы болмок. Себеби учурда өлкөдө 45 лотереялык компания болгонуна карабай, эң аз бюджетке салык ушул ишкердүүлүктөн түшөт. Болгону 5 млн. сом".

Аталган мыйзам өз күчүнө кирип калса мамлекеттин экономикасына зыянын тийгизерин айрым экономика адистери айтып чыгышты. Адистердин пикирине таянсак, эгер лотереяларга тыюу салынса, кайра тескерисинче, мамлекет казынасына толук салык төлөнбөй калат. Лотерея кумар оюну болгонуна карабай, дүйнөлүк практикада бул ишмердүүлүккө уруксат берилген. Ошондой эле өлкөдө лотерея ойноп отуруп толугу менен куржалак калган үй-бүлөлөр болгон эместигин адистер кошумчалай кетишти.

## Башка өлкөлөрдө лотерея мыйзам чегинде ойнотулат

Өнүккөн өлкөлөрдө лотерея ишмердүүлүгүнүн жүрүшүн көзөмөлдөп турган атайын мыйзамдар кабыл алынган. Алсак:

- Орусияда лотереялык оюндарга байланыштуу атайын федералдык мыйзам бар. Ал мыйзам боюнча уюштуруучу, оператор жана катышуучудан турган үч субъект жооп берет. Ошондой эле мамлекетте лотереялык оюндун эки түрү бар. Биринчиси, лотереяга катышуу үчүн белгилүү бир суммадагы акча төлөө. Бул кадимки лотереялык билеттер. Экинчиси болсо оюн уюштуруучунун эсебинен жүрүп, катышуучу акча төлөбөйт. 2013-жылы өлкөдөгү бардык лотерея компаниялары монополдошуп, мамлекеттин карамагына өткөрүлгөн.
- Америкада лотереяга тиешелүү мыйзамдар ар бир штатта ар башкача кабыл алынгандыктан, бир топ кыйынчылык жаратат. Эгерде лотереяга катышууну кааласаң лотерея кайсы штатта ойнотулуп жатканына көңүл буруу керек. Себеби бир аймактын билети экинчисинде жарабайт. Эң негизгиси, Америкада интернеттен лотерея жүргүзүүгө жана билет алууга тыюу салынат.
- Ватикан, Андорра, Сан-Марино жана Кипрде лотереялык оюндарга толугу менен тыюу салынган.
- Калган башка Европа малекеттеринде жалпысынан лотереялык оюндарга уруксат берилген. Болгону оюнга катышкан жаран 18 жаштан жогору болуусу абзел.

## Белгилүү дүйнөлүк лотереялар

Дүйнөнүн эң популярдуу лотереялары Америка мамлекетиники. Аларга токтоло кетсек:




Кыргызстанда «Элдик лоторея» шылуундук менен айыпталып, 2015-жылы жабылган




Дүйнөлүк популярдуу «Mega Millions» лотореясынын жеңүүчүлөрү

1. Пауэрбол лотереясы – эң алгач "Лото Америка" аталышында пайда болгон. Лотереянын учурдагы джекпоту 40 миллион долларды түзөт. Бул ойнолуп бүткөнчө ар бир тиражда баасы көтөрүлө берет. Лотерея эки лототрондо ойнотулат. Биринчи лототрондо 1ден 69га чейинки ак шарлар жайгашкан. Экинчисинде 26 шар жана "пауэрбол" жазуусу бар бир шар ойнотулат. Оюнда окшош төрт түстүү жана "пауэрбол" болуп жалпысынан 5 шар чыкса, джекпотту алат.
2. Экинчи орунда кайра эле Американын Мегамиллионс лотереясы турат. Лотерея 1996-жылы негизделген. Пауерболго салыштырмалуу бул лотерея 2012-жылы 656 миллиондук джекпотун ойнотуп, бир адамды бактылуу кылган.
3. Евромиллионс лотереясы мамлекеттер арасында жүргүзүлөт. 2004-жылы оюнга чыккан лотереяга алгач Франция, Улуу Британия жана Испания катышкан. Кийинчерээк Швейцария, Австрия, Люксембург, Лихтенштейн, Бельгия, Ирландия, Испания, Монако жана Португалия өлкөлөрү кошулушкан. Учурдагы лотереянын джекпоту 192 миллион еврону түзөт. Оюндун шарты боюнча лототрондон түшө турган 50 шардын ичинен 5ти жана 11 жылдызчанын ичинен 2ни табуу керек.
4. Евроджекпот лотереясы дагы европалык лотереялардын катарына кирет. Евромиллионс лотереясына катышпай калган өлкөлөр айтылуу Евроджекпотту негиздеп чыгышкан. Учурдагы джекпоту 10 миллион евро.

Карапайым калк үчүн лотерея катардагы бир оюн болсо, бийликтегилер жана компания жетекчилери үчүн лолторея талаш-тартыш маселеге айланган. Өлкөбүздө каттоого алынган 46 лотереялык компаниялардын 26сы элекетрондук лотереялар. Калгандары кээде ойнотулуп турчулар. Дээрлик теңинен көбүнүн кеңселери жок.

Өлкөдө лотереялык ишмердүүлүккө тыюу салуу керек деген мыйзамдар өткөн жылы дагы бир канча ирет көтөрүлүп чыгып, жыйынтыксыз калган. Кумар оюндарынын бир түрү болуп саналган лотереяларды ойноо же ойнобоо ар бир адамдын өз укугу. Бирок бул оюндардын калыс өткөрүлөрү күмөн туудургандыктан, билет сатып аларда жакшылап ойлонуу керек.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Кыргызстан террорлорду даярдайбы?

Учурда орус ЖМКларынан Кыргызстан тууралуу ар кандай далилденбеген маалыматтар чыгып кетүүдө. Алардын биринде Кыргызстанда органга сатылып жаткан эки баланы орус элчилиги сактап калса, дагы биринде Кыргызстан ИШИМ үчүн кадр даярдаган өлкө деп аталган. Мына ушунун баарын көрүп отуруп, бул кадамдар достук максатта кылынуудабы, же кастык максаты да барбы деген суроо туулат...




## КТРК коомдук эмес, бийликтики

**Психикалык саламаттыгын сактоо коомдук уюмдун эксперти Бурул Макенбаеванын** айтуусу боюнча, "Массалык маалымат каражаттары барган сайын өтө курч куралга айланып кетип бара жатканы баарыбызга түшүнүктүү болуп турат. Ошондуктан ар бир мамлекет өзүнүн маалыматтык да коопсуздугун сакташ керек. Сөз эркиндиги керек, бирок ошол эле маалда анын адамдардын аң-сезимин жана руханий тең салмактуулугун талкалаган курал болуп кетүүсүн алдын алыш керек. Кайсыл учурда сөз эркиндиги экенин жана кайсыл учурда куралга айланганын ажырата билүү зарыл.



Орусиянын ММКлары адамдарды бири-бирине өчөштүргөнгө көп аракет кылганы байкалууда. Мисалы, "тиги душман", "бул душман" деп кеп кылышат. Мунун баары адамдардын аң-сезимине залака келтирет. Алар далилденбеген маалыматтарды, кээде жалган нерселерди жарыялайт. Бул өтө коркунучтуу маселе. Казакстан учурда маалыматтык коопсуздугун коргоо боюнча чара көрүүдө. Демек биздин өлкөнүн адистеринин жана жогорку жетекчилердин да ойлончу убагы келди. Жеке менчик ЖМКлар үчүн мыйзамдарды жеңилдетип, тоскоолдордуу азайтуу керек. Башка өлкөлөрдүн мамлекеттик маалымат булактарын чектесек туура болгудай. Себеби көбүн эсе мамлекеттик маалымат булактары өз саясий элитасынын куралы болууда. Ар бир мамлекет журналисттеринин эл аралык журналистиканын адеп-ахлак принциптерин кармануу деңгелине жеткиргенге аракет кылуусу керек".

## Кыргызстанды каралагандарга унчукпаш керекпи?

"Журналисттер" коомдук бирикмесинин **жетекчиси Марат Токоев** чет элдин мамлекеттик каналдарынан биздин өлкө тууралуу кандайдыр бир терс маалыматтар кетип жаткан болсо, биздин мамлекеттин тиешелүү мекемелер да ага жараша билдирүү кылуулары керек экенин төмөнкүчө айтат: "Чет өлкөлөрдүн мамлекеттик маалымдоо каражаттарынан биз тууралуу кандайдыр бир терс материалдар чыгып кеткен учурда биз кыйкырып эле кала берүүдөбүз. Албетте мындай нерселерге ачууга алдырып, алардын деңгелине түшүп жооп кайтарбастан, мамлекетибиздин аброюн түшүрүп албоо үчүн белгилүү деңгелде сабырдуу да болуубуз. Анткени бирөөнө жаксаң, экинчисине жакпайсың дегендей. Маал-маалы менен туура эмес маалыматтар, сын-пикирлер кете бериши мүмкүн. Эгерде ар бир сын-пикирге, туура эмес маалыматка көңүл буруп аны төгүндөй берсек негизги ишибиз унутта калып, терс маалыматтар менен гана алек болуп калабыз. Ошол эле маалда эгерде ушундай маалыматтар кетип жаткан болсо унчукпай тура берүү да туура эмес деген да ой бар. Эң маанилүүсү мамлекеттин узун мөөнөттүк маалыматтык саясат болушу керек. Ар бир айтылган сөзгө реакция кыла бербей, чет өлкөлүк журналисттерге Кыргызстан тууралуу туура маалымат алуу үчүн шарт түзүп беришибиз керек. Ал үчүн кыргыз ЖМКлары жалаң гана кыргыз тилинде эмес, башка тилдерде дагы сапаттуу маалымат берген маалымат порталын негиздегени оң. Ал эми орус каналы чыгарган маалыматтары боюнча айта турган болсок, ал маалыматтар кайсыл булактан кетип жатканына да көңүл буруу керек. Жеке менчик маалымат булактардан чыгарылдыбы, же мамлекеттик булактардан чыктыбы, мына ошону тактоо зарыл. Эгерде жеке менчик булактардан кеткен болсо, анда алар сенсация издеген, ошонусу менен көрүүчүлөрүн көбөйтүүнү көздөп жатышы мүмкүн. Материалдарынын көлөмүн, окуумдулугун арттыргысы келип жатат. Ал эми чет элдик мамлекеттин расмий ЖМКларынан, же телеканалдарынан жалган же терс маалыматтар таркап жатса, анда мунун аркасында кандайдыр бир саясий этүүчү планы болуусу мүмкүн. Же жаман көргөзүү, же сестентүү максаты болушу мүмкүн. Ушунун кызуу кандуулукка алдырбастан кылдат анализдеп туруп, кандайдыр бир аракеттерди көрсөк болот. Ошол эле маалда сабырдуулук күчтүүлүктүн белгиси экенин да унутпасак. Эгерде мамлекеттик каналдарынан ушундай маалыматтар кетип жатса, анда биздин мамлекет тараптан да кандайдыр бир билдирүү керек. Бирок орустар айткандай "истеричный" болбой, сабырдуу болгонубуз жакшы. Негизинен мындай нерселер азыр иштелип жаткан маалыматтык саясат концепциясында каралышы керек. Концепциянын эң биринчи максаты бул Кыргызстандын эли дүйнөдө болуп жаткан окуяларды өзүнүн ЖМКларынан өлкөбүздүн кызыкчылыгына ылайык чагылдыруусу керек. Биз Кыргызстандагы окуяларды жаманбы-жакшыбы өз ЖМКларыбыз аркылуу билип жатканыбыз менен, чет элде болуп жаткан саясий окуялар тууралуу 90 пайызынан ашыгын чет элдик ЖМКнын көз карашы менен кабылдап атабыз. Ошондуктан Кыргызстанды эл аралык маалыматтык айдыңга жылдыруу зарыл. Тагыраак айтканда, Кыргызстанда болуп жаткан окуялар тууралуу башка элдердин ЖМКлары өз булактары аркылуу эмес, мүмкүн болушунча биздин ЖМКлар аркылуу билсе деген тилек", – деди.



## Орусияга кеткен кыргыздар радикалдашып кетет

Атын атагысы келбеген дин таануу боюнча эксперт Сирияга кеткендердин көбү Орусия аркылуу кетип жатканын мындайча айтат: "Негизинен маселе орус ЖМКлары айткандай эмес. Буга чейинки статистикаларды карап, изилдеп көрүш керек. Бирок көбүн эсе Кыргызстандын жарандары Орусиядан радикалдашууда. Кыргыз жарандары Орусияга барып иштегенде түрдүү кысым жана басынтуулардан улам диний радикалдардын сөздөрүнө кирип, Орусияда уюштурулган каналдар аркылуу Сирияга кетип жатышат. Ошондой каналдардын бар экени ЖМКлар аркылуу айтылып келет. Демек мисалы, Орусиядан Туркияга, ал эми Туркиядан Сирияга кете турган кандайдыр бир канал бар болушу мүмкүн. Экинчи маселе болсо ал жактагы диний билимде, маалыматта жатат. Мындан беш-он жыл мурун Орусиянын радикалдарга каршылык кылып, аларга илимий бөгөт кое баштаган аалымдардын көбү белгисиз адамдар колдуу болуп атылган же жардырылып өлтүрүлгөн. Радикалдарга ислам илиминин негизинде аргументүү жооп берип жаткан аалымдар атылган. Бир айда бирден аалым өлтүрүлгөн убактар болгон. Бул кылмыш иштеринин дээрлик баары ачылбай, кылмышкерлер жоопко тартылбай калган. Муну көрүп мурун радикалдарга татыктуу жооп берип жаткан диний кызматкерлер да унчукпай калууга мажбур болушкан. Бир жолу мага диний сабаты, билими бар адам катары "мына бул китептерди карап бериңизчи" деп баары окшош мукабаланып, алтын тамгалар менен жазылган китептерди алып келишкен. Ал китептердин арасында ислам дүйнөсүнө жакшы таанылган китептер менен кошо вахабиттердин, салттуу исламга каршы келген аалымдардын, ойчулдардын да китептери аралаш жүргөн. Мына ошонун баары бир серия болуп даярдалып, бир текчеге турчудай көркөмдөлө, коозголо жасалган 10 томдук китеп болчу. Андан да кызыгы алар Орусияда расмий уруксат алган басмаканада басылып чыгыптыр. Албетте, мунун баарына Орусиянын жетекчилиги күнөөлү деп айта албайбыз. Балким бул жергиликтүү жетекчиликтин шалаакылыгы болушу мүмкүн. Ошондой өз ишин билбегендердин айынан радикалдардын китептери ачык-айкын басылып жатат да. Бирок ошол эле убакта Орусияда дүйнөгө таанымал, радикалдарга каршы күрөшүүдө эффективдүү болгон китептерди колдонууга тыюу салынган. Радикалдарга өз доорунда дагы, азыркы учурда дагы илим-билимдин, тажрыйбанын, тарыхтын негизинде өтө күчтүү жооп берген аалымдардын китептерди окууга ар кандай шылтоолор менен тыюу салынган. Буга ошол мамлекеттеги саясий топтордун да кандайдыр бир тиешеси бар деп божомолдосок болот. Ошондуктан Сирияга кеткендер Кыргызстандан эмес, тескерисинче Орусиядан радикалдашып, анык канкорлорго, мыкаачыларга, кан ичкичтерге аралашып кетип жатканына таңгалбай эле койсо болот".

*Ал эми биз бул маселе боюнча биздин өлкөдөгү тиешелүү мекемелерге кайрылганыбызда, алар бул тууралуу жооп берүүдөн баш тартышты.*

*Айтмакчы, ИШИМге кошулуп жаткан адамдар бир гана Кыргызстандан эмес, башка бир канча өлкөдөн да кетээрин баарыбыз жакшы билебиз. Бирок, Орусиянын өз ЖМКлары аркылуу же такталбаган, же бир беткей каралаган маалымат таратуусунун максаты өздөрүнөн башка эч кимге белгисиз...*

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



# Лимондун пайдасы жана зыяндары

Мөмө-жемиштер жана анын пайдалары тууралуу көп эле жерде айтылып келет. Кээ-биринин пайдасынан зыяны көп болсо, кээ-биринин зыянынан пайдасы көп болуп чыга келет. Ошондуктан ар-бирин кылдат колдонуу абзел. Бүгүн сиздерге "лимон" жемишинин пайдалары жана кандай ооруга колдонбоо керектиги жөнүндө айтып беребиз

## Лимон кайдан келген




Лимон бизге Индия жана Кытай мамлекеттеринен келген. Жер ортолук деңиз аймактарында жана Батыш Европанын аралдарында өстүрүлөт. Лимондун жапайы түрү жок. Бийиктиги 3–7 метрге чейин жетет. Бутактары аябай тикенектүү келип, гүлдөрү ак түстүү болот.

## Косметикалык каражат катары кабыл алынат



Лимондун негизги курамын суу менен лимон кислотасы түзөт. Бирок мындан сырткары ал организмге керектүү өтө маанилүү витаминдерди да камтыйт. Лимондо биринчилерден болуп эле С витамини көп. Аны менен катар А, В1, В2, D витаминдери жана цитрин (витамин Р) бар. Ошондой эле минералдык туздарга, лимон кислотасына бай. Ошондуктан ал организмге абдан керек. Дал ушул айкалыштардан улам, анын адамдын организмине керектүү дарылык касиети күчтүү жана косметикалык каражат катары жакшы пайдаланылат.

## Чаян чакканда лимон эсиңе келсин




Египетте жергиликтүү тургундар чаяндын уусуна каршы дал ушул лимонду кеңири колдонушат. Алар чаян чаккан учурда лимонду экиге бөлүп, бир бөлүгүн чаккан жерге коюп, калган жарымынын ширесин шимирет. Натыйжада жабыркаган жер тез айыгып, калыбына келет.

## Эс тутум начарласа да лимон...



Лимондун ширеси эс тутум начарлаганда, ашказан-ичеги ооруларына, таш пайда болгондо, зат алмашуу процесси жоголгондо, геморройдо, суук тийгенде пайдасы тие турган каражат. Мындай ооруларда жарым стакан кайнак сууга 0,5 лимондун ширесин кошуп, күнүнө 2–3 жолудан ичсе болот. Ошондой эле жаңы жемиштерге лимондун ширесин кошуп, тузу жок салаттарды жасап жесе да жакшы.

## Өттүн ташына каршы



Эгер өтүңүздө таш болсо, анда сабиздин, кызылчанын, бадыраңдын аралашмасы кошулган лимон суусун бир күндө 10 чөйчөктөн ичсеңиз болот. 6–7-күндөрү каттуу оорушу мүмкүн. Бирок, ошондон кийин оору басылып, таштар жоголот. Өтө катуу ооруса, ооруну басаңдатуучу дарыны колдонуңуз.

## Чачыңыздын кулпурушун каалайсызбы



Чачты таза жууганыңыздан кийин жарым лимондун ширесин 5 литр сууга аралаштырып, аны менен чачты жакшылап чайкасаңыз, чач кулпуруп өзүнө келе түшөт. Ошону менен бирге эле чачты түшүрбөй, өз нугунда сактап турат. 1литр сууга 2 чай кашык лимондун суусун жана уксусту кошуп чайкаса да эң сонун таасир калтырат.

## Мурун ооруларына



Эгер мурдуңуздан учур-учуру менен кан акса, анда 1 чөйчөк муздак сууга лимондун ширесинен же 1 чай кашык уксуз, бир-эки кашык квас кошуп, даяр болгон аралашманы мурунга тартып, 5 мүнөт кармап туруу керек. Бул ыкманы колдонуп жаткан учурда отуруп же туруп туруу керек. Жатканга болбойт.

## Беттеги кара тактар үчүн



Бир даана лимонду экиге бөлүп ширесин сыгып алгандан кийин, ага 3–4 тамчы бал кошосуз. Бул масканы бетиңиздеги кара так жана чекитчелерге сүйкөп, 10 мүнөткө кармайсыз. Андан кийин жылуу суу менен жууп саласыз. Мындай масканы аптасына эки жолу колдонуу жетиштүү болот.

## Лимондон жүзгө коюлуучу маска



Лимондун жаңы сыгылып алынган ширеси менен бетти сүртсөңүз, бетти агартат. Мындан тышкары, кара карагаттын, кулпунайдын жана кызылгаттын мөмөлөрүнөн бетиңизге маска жасаңыз. Ал бетти агартуу менен бирге бетке түшкөн сепкилдерден да арылтат. Жогорудагы масканы жатарга жарым саат калганда бетиңизге толук жаап 20–30 мүнөт кармаңыз да, анан жылуу сууга жууп салыңыз. Маскадан соң сөзсүз түрдө бетиңизге бет май сүйкөп коюңуз. Бул маска майлуу беттерге сунуштайт.

### Даярдоо ыкмалары

Лимон – 1 даана
Кайнатылган суу – 0,5 литр
Шекер – 2–3 чай кашык

Лимондун ак катмарын алып, жууп жана кургатуу керек. Андан кийин анын кукумдөлгөн кабыгын кесип бир кайнап кайра муздаган сууга салыңыз. Анын үстүнө шекер жана лимондун ширесин сыгыңыз. Бирок, данегин кошулуп кетпесин. Шекер эригенге чейин баарын аралаштырып, 1 саатка чукул тундуруңуз. Андан кийин сүзүп алып колдоно бериңиз. Даярдалган аралашманы муздаткычта сактасаңыз болот.

## Лимондун зыянынан сактаныңыз



Лимондун ушунча пайдасынан сырткары, зыяны да бар экенин унутпаңыз. Ал ашкере көп колдонула баштаганда пайда бермек тургай, тескерисинче, зыяны да тийип калышы ыктымал. Лимон катуу алергия козгогуч боло алат. Лимонду тиши начар адамдар көп жебегени жакшы. Тамагы ооруган адамдар да колдонбогону туура. Себеби ал тамакты күйгүзүп салышы мүмкүн. Гастрит ооруларына чалдыккандар үчүн лимон колдонууга катуу тыюу салынат.

Даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Каарманы лимон болгон анегдоттор



Психиатр врач кардарга кайрылып:

– Демек сиз жүн байпактарды жакшы көргөнүңүз үчүн бир-туугандарым жактырбай жатат деп мага кайрылдыңыз ээ.

– Ооба, ошон үчүн жактырышпайт.

– Кудая тообооо! Эми мунун эмнеси бар экен! Элдин көбү эле синтетика байпакка караганда жүндөн токулган байпактарды жакшы көрүшөт. Мен деле жүн байпактарды жактырам.

– Чын элеби?! Сиз аларды кандай жакшы көрөсүз? Мага окшор лимон менен жегендиби!?

* * *

Цирк. Аренага Ташчайнар чыгат. Тиши менен пилди дегдеңдетип ары бери сүйрөйт. Темир арматураны толгоп-солгоп ыргытып жиберет. Алып баруучу чыгып, Ташыкеге лимонду сунат. Ал аны сыгыш тыштайт. Алып баруучу элге кайрылып:

– Ким бул лимондон бир тамчы сыгып чыгара алса, беш миң сом беребиз!

Зал тунуп калат.

– Он миң соoом! Он беш мииин!!! – дегенче сексендерге чыккан аксакал чыгып, береги лимондрн бир ыстакан шире сыгып салат. Зал ууу-дууу. Ташчайнар көшөгөдөн нары кире качат. Алып баруучу:

– Сиз муну кантип кылдыңыз!?

– Мен өмүр бою салык инспекциясында иштегем...

# Америкада мексикалыктарды ишке алган кыргыз



АКШнын Техас штатындагы Хьюстон шаарынын «Назар Инвест» ишканасынын генералдык директору Альберт Абазбеков менен «ЖИА» бинес ассоциациясы жана АКШнын Кыргызстандагы элчидиги бирге уюштурган иш-чарада жолуктук. Анда «Назар Инвест» кыргыздардын АКШда ачкан биринчи ишканасы эмес экени белгилүү болду

## Моквадан Хьюстонго сапар

Биз Москвадагы «Союзгидрострой» деген ири корпорация менен тыгыз иштешип келгенбиз. Бирок тилекке каршы, 2013-жылдын аягында кризис башталып, мүмкүнчүлүктөрүбүздү кайда жумшаарыбызды билбей турган кезде АКШда түрдүү ишканаларды иштетип жаткан, же иштеткенге ниети бар мекендештерибизден түрдүү сунуштар айтылып жатты. Алгачкы сунуш жүк ташуучу жана эл ташуучу таксилерди иштеткен байкеден келди. Интернеттен түшкөн буйрутма боюнча аэропорттордон адамдарды, жүктөрдү ташышат экен. Башында болгону эки субурбан менен (америкалык узун жолтандабас) баштаптыр. Азыр болсо алты субурбан иштетип жатыптыр. Андан кийин Питсбургда пицерия иштеткен инибизден сунуш келди. Биз ал жакка барып да карап, баамдап келдик. Өз алдыбызча ири жүк ташуучу ишканаларды да карап, чуктап көрдүк. Ошентип ары-бери урунуп жүрүп акыры АКШда курулуш иштери менен алектенели деп чечтик. Себеби, мисалы пицериядай ишкананы 150-200 миң долларга сатып алганың менен андан айына 5-7 миң доллар киреше тапчудайсың. Эгер кирешеңди көбөйткүң келсе, мындан да көбүрөөк иштешиң керек экен. Атайын жарнамалык буклеттерди даярдатып, тааныш-билиштериңдин баарына «эң сонун пица бар» деп айтып жүрүп кирешеңди эң көп дегенде дагы миң долларга араң көтөрсөң болгудай. Бирок биз андан да көбүрөөк киреше табууну кааладык.

Курулуш жаатында иш баштообузга «ЖИА» бизнес ассоциациясы менен АКШнын Бишкектеги элчилигинин Экономика бөлүмү жакшы жардам берди. Алар былтыр бизге «Грейтер Хьюстон партнершип» аттуу көргөзмөгө баруубузга көмөкчү болду. Ал жерде Техас штатынын мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштык. Негизи, Техаста ишкана ачуу чечимин кабыл алуубузга ал жактагы салыктардын төмөндүгү негизги түрткү болду. Техас кирешеге салык каралбаган жети штаттын бири. Андан сырткары, Техаста кыш деле болбойт. Ошондуктан жыл бою курулуш кыла берсең болот. Албетте биз Хьюстондун дүкөндөрүн кыдырып сүт, нан башка негизги азыктардын баасын карап көрдүк. Ал жактагы баалар Бишкектикиндей эле экен. Кээ бир нерселер биздикинен да арзан. Болгону эт гана кымбат. Мындан сырткары, Техас учурда эң ыкчам өнүгүп бара жаткан штаттардын бири. Ушул критерийлерден улам биз Хьюстондо курулуш жана оңдоп-түзөө ишканасын ачуу чечимин кабыл алдык.



## Хьюстондон үч үй сатып алдык

АШКдагы «Назар Инвест» Кыргызстандагы «Архи Строй Сервис» компаниябыздын филиалы катары катталды. Тиешелүү сертификаттарды алып, Техас штатынын салык инспекциясына каттоого турдук. Негизги иштерибиз курулуш, үйлөрдү сатып алып, оңдоп-түзөп кайра сатуу, пайдубалдарды оңдоо, курулуш долбоорлорун чийип берүү болмокчу. Мындан сырткары, биз АКШнын чегинде жүк ташууга уруксат берген лицензия да алдык. Азырынча биз жүк ташуу иштерин баштай элекпиз. Себеби ал үчүн атайын уруксат алты айдан кийин гана берилет экен.

Биздин кеңсебиз Хьюстондо орун алды. Ижарага алган жүз чарчы метрден ашык кеңсеге айына 1400 доллар төлөйбүз. Ошондо чарчы метрине 12 доллардан айланууда. Иштин көзүн жакшы билгенге чейин үч үй сатып алып, оңдоп-түзөп кайра саталы деп чечтик. Биз 160 миң долларга үй сатып алдык. Аны оңдоп-түзөөгө 30 миң доллар сарптап, аны 240 миң долларга сатыкка койдук. Аны менен бирге дагы эки үйдү 123 жана 145 миң долларга сатып алып, ремонттоп жатабыз. Себеби Америкада үйдү көптөгөн документтерди тактап, чогулткан соң гана сатууга болот. Ар бир иштин этабын ошого тиешелүү кишилер кылат. Агент, брокер анан банктын кызматкеринен өтүп сатылат. Ремонтко бир ай, кайра сатууга эки айдай кетет. Ошон үчүн бир үй сатыкта, экинчиси оңдоодо, үчүнчүсү сатып алынууда болуп үзгүлтүксүз иш болуп турат. Америкада пайдубал жана чатыр иштерин жасоо өтө кирешелүү болчудай. Анткени дайыма суу ташкыны менен бороон-чапкын көп болуп турат экен. Пайдубалдары биздикиндей бир бүтүн эмес, бөлүк-бөлүктөрдөн тургандыктан чөгүп кеткен жерлеринин алдын казып, атайын домкраттар менен көтөрүп, бетон тирөөчтөрдү орнотуп чыгасың.

Үйдү толугу менен бүткөн соң, риэлтерлерге бересиң. АКШда үйдү ар ким сатыкка коюуга укугу жок. Атайын агенттердин кызматы 3% турат. Ошол чыгымдарды азайтуу үчүн өзүбүздөн бирөөнү окутуп жатабыз. Ал тиешелүү курстардан өткөн соң, үйдү сайтка сатыкка коё алат. Брокерлер менен, АКШнын мамлекеттик каттоосу жана банктары менен иштей алат.

## Кыргыз ишкерлерине сунушубуз көп

Биз «ЖИА» бизнес ассоциациясы менен АКШнын Бишкектеги элчилигинин Экономика бөлүмү аркылуу Хьюстонго 15-мартта келебиз деп жаткан ишкерлерибизге кампаларды (склад) салуу боюнча сунуштарыбыз бар. Хьюстондо АКШ боюнча экинчи ири деңиз порту жайгашкан. Бул дагы кампага болгон талапты жогорулатат. Биз кампа базарын изилдеп көрүп, 378 чарчы метрден жогору чакан имараттарга талап көбүрөөк экенин билдик. Март айында Хьюстонго келчү ишкерлерибизге бул бизнес тууралуу кеңири айтып, түшүндүрүп бермекчибиз. Кампа салууга 2210 чарчы метрлик жер сатып алып, долбоорлорго буйрутмаларды бердик. Бир кампанын көлөмүн кеңсеси менен биргеликте 4000 куб метр кылалы деп чечтик. Бул кампаны салууга календардык график боюнча 5-6 ай кетет. Биз сатып алган аянтыбызга эки кампа курууну чечтик. Бир куб метр кайра эң арзан дегенде 100 долларга кетет. Биз ишкерлерди 260 миң доллардык бизнеске өнөктөш болуп киргүүгө чакырып жатабыз. Кампаны кеминде 360 миң долларга кайра сатабыз. Бул жакшы бизнес жана жакшы киреше. Мында бир ок менен эки коёнду атса болот. Биз адвокат, юристтер менен сүйлөштүк. Мындай инвестиция ITU аттуу АКШга кирүү визасын алуу мүмкүндүгүн берет. 15-мартта виза алгандардын баарын чогуу иш кылууга чакырабыз. Хьюстондогу өнөктөшүм биздин бизнести толугу менен көргөзүп, түшүндүрүп берет. Кыргыздар ачкан башка компаниялардын ээлери менен да жолуктурууга даярбыз.

Америкада бизнес курам деген ишкерлердин улутуна, динине, жарандыгы барлыгына же жоктугуна карабай кызыгуу менен мамиле кылганынан улам биз алты айдын ичинде иштерибизди бир топ илгерилете алдык. Ошентип биринчи айларда жер чукуп, пайдубалдарды түзөтүү менен гана алек болсок, жетинчи айга кеткенде складдык имараттарды пландап, курууга шымалана кириштик. Мындай көлөмдөгү кампаларды куруу үчүн биз түзгөн календарлык план боюнча тогуз ай кетет.

## Америка бизнесиңди көзүңүн карегиндей коргойт

Биз жумушчу катары көбүнчөсүн мексикалыктарды иштетебиз. Мындан сырткары, АКШда юристтердин, университеттердин администрациялары менен жолугуп, жашоосуна толук аралашканга аракет кылуудабыз. Түрктөрдүн аябай ынтымактуу диаспорасы бар экен. Алар менен да мамиле түздүк. Хьюстондо 70тей мекендешибиз бар. Алардын көбү студенттер менен мугалимдер. Мугалимдер америкалык лицейлерде сабак беришет. Ишкерлерден болсо жетөөбүз. Алардын бешөө ишин биз менен удаалаш башташкан, экөө мурунураак ишкана ачышкан. Пицериянын кожоюну болгон кыргыз бар. Башында пица жеткирүүчү болуп орношкон, анан кухнясында иштеген. Беш жыл болгондо 300 миң долларга бизнести толугу менен сатып алган. Экинчиси Адылбек уулу Азамат деген инибиз бар. АКШга барганына бир эле жыл болуптур. Ал «Амазон» интернет дүкөнү менен иштешет. Ал жерден кичине чийилип, же кырылып, же таңгагы гана жабыркаган товарларды интернет аукционунан арзан баада дүңүнөн сатып алып, оңдочуусун оңдоп, оңдолбочуусун ошол эле бойдон чекене баага кайра эле Амазон аркылуу сатат. Мисалы супермаркеттин бир полкасы товары менен эң арзан дегенде 87 миң доллар турат. Интернет аукциондо анын башталгыч баасы 1500-2000 доллар. Биз сатыкты карап турдук, эки суткада 7500 долларга токтоду. Башка штатта болгондуктан 2800 долларга кыргыз ишкерге жеткирилди. Америкада иш ачуу жана аны бутка тургузуп кетүү оңой. Жеке менчигиңди мамлекет көздүн карегиндей коргоп берет. Биз азыр Кыргызстанда мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыра албай жаткан ишкерлерибизди АКШга ишкана ачууга чакырабыз.

Даярдаган ЭДИЛ АЙДАРОВ

# Ыйманга жол издеген адабият

"Ыйман" фонду акын-жазуучулардын "Калем жана ыйман" аттуу китебин чыгарды. Долбоордун шартына ылайык, жыйнакка атайын комиссиянын элегинен өткөн проза жана поэзия жанрындагы мыкты делген чыгармалар киргизилген



Уюштуруучулар коомдун адеп-ахлагын оңдоого акын-жазуучулар да өз салымын кошот деп үмүт артышууда. Адабиятчылар ыйман деген түшүнүк жеке эле ислам динине тиешелүү эмес экенин, адабиятта ар бир эле классикалык чыгарма жалпы адамзатты ыйманга чакырарын белгилешет.

Китептин биринчи басылышына Надырбек Алымбеков, Жыпара Исабева, Мамат Сабыров, Садык Гавай сындуу бир топ таанымал авторлордун чыгармалары кирген. **"Ыйман" фондунун жетекчиси Нуржигит Кадырбеков** китеп чыгаруу демилгеси чыгармаларын элге жайылта албай жүргөн акын-жазуучуларга мүмкүнчүлүк түзүү жана окурман журтун азыркы жеңил-желпи деп эсептелген китептерден рухий баалуу китептерди окуганга буруу экенин айтат:



– Калем менен жаман нерсени жазса да болот. Аягы суюктар тууралуу, адам өлтүргөндөр тууралуу, айтор, жалпы эле адамкерчиликке туура келбеген окуялар да жазылып жүрөт. Ошол эле учурда калем менен ыйманды, адепти, мекенди, ата-энени сүйүүнү да жазса болот. Биз ушул экинчи топтогу акын-жазуучуларды колдосок, ар бир эле жазуучу адам пейлин оңдой турган, жакшылыкка үндөй турган чыгармаларды жазса деп ойлоп, ушул долбоорду баштаганбыз. Кудай буйруса, калемдин жардамы менен элибиздин ыйманын, адап-ахлагын, руханий потенциалын көтөргөнгө салым кошсок деп турабыз.

Кадырбеков ушул максатта "Калем жана ыйман" долбоору мындан ары да өзүнүн ишмердүүлүгүн уланта берерин, татыктуу чыгармалар жыйналган сайын алар китеп болуп чыгып турарын, жакындан баштап долбоордун алкагында акын-жазуучуларды аймактардагы окурмандар менен жолуктуруу сапары да уюштуруларын кошумчалады.

**Жазуучу Мамат Сабыров** аталган жыйнакка кирген аңгемесинде жымжырттыктан өзүнүн өткөн күндөрүн издеген, кээде издегенине жолуккан чыгармачыл инсан тууралуу жазган. Чыгармада тоо аралап жалгыз жүргөн адам өткөн күндөрүнүн үнүн угуп, өмүрдүн баалуулугун, ар бир учур кайра кайрылбаганына ичи сыйрылып турганы сүрөттөлгөн. Мында окурманды кайсы бир динге үгүттөө, акыл айтуу жок. Бирок жазуучу ар бир эле чыгарма өзөгүндө окурманды ыйманга чакырыш керек деп ойлойт:



– Адабиятты детектив, ыйман деп ар кандай нукка бөлүү бул кийин чыккан эле нерсе.Түбү башатында адабият такыр бөлүнгөн эмес. Ал башында эле адамзатты ыйманга чакыруу үчүн колдонулган. Бул адеп тууралуу илим. Детектив жазабы, тарых жазабы анын өзөгүндө ыйман, адеп маселеси турушу керек. Мисалы, Конан Дойлду алалы. Шерлок Холмс турган турушу менен детектив. Бирок анын өзөгүндө ыйман турат.

Сабыровдун айтуусунда, көркөм адабияттын милдети жалпы адамзатты жакшылыкка чакыруу, ал эми жөн гана акча табуу максатын көздөгөн, адамкерчиликтин чен-өлчөмүнөн чыккан чыгармалар убактылуу гана кызыкчылыкты көздөйт.

**Адабиятчы Гүлзада Станалиева** көркөм адабияттагы ыймандуулукту кайсы бир динге байланыштырбай кеңири алкакта кароо керек деген пикирде. Адис дүйнөлүк адабияттан орун алган классикалык чыгармалардын ар бири жалпы адамзатты бийик адамкерчиликке үндөп турарын белгиледи:



– Адабияттагы гениалдуу чыгарма өзөгүндө сөзсүз түрдө ыйманды камтыйт. Ыйманды камтыбаган адабият классика боло албайт. Мисалы, ошол эле Достоевскийди, Толстойду алалы. Кыргыз акындарынан Алыкул Осмоновду, Жолон Мамытовду, аял акындардын ичинен Сагын Акматбекованы алалы. Ушулардын ырларын окусаң, көңүлгө кадимкидей канат байлайсың. Жашоого, сүйүүгө ишеним пайда болот. Адамкерчилик сезимдериң бийиктейт. Ушулардын баары эле адабияттын негизги кайрылган темасы. Ыймансыз адамзаттын келечеги жок.

Станалиева анткен менен адабияттагы ыйман түшүнүгү чыгармачылык эркиндикти чектөө үчүн колдонулбаш керек деп эсептейт.

"Калем жана ыйман" долбоорунун алкагында буга чейин "Улуу имам Абу Ханифа" жана "Табигат сырлары" аттуу китептер жарык көргөн."

Акын, жазуучу
жана белгилүү журналист
ЗАЙЫРБЕК АЖЫМАТОВ

## Жүрөгү таза

Кол жуугучка келип намаз окуганы даарат ала баштаган. Агасынын эки баласы ызы-чуу түшүп, кошо жарышып келип артына кезекке туруп калышты. Бири-бирин түрткүлөп, бири-бирине чурулдап бир нерселерди талашып алышкан.

– Биринчи колду жууш керек. Манжалардын арасына чейин жуусаң! – деди агасы инисин эскертип.

– Билем мен деле. Таенем үйрөткөн кечөө, – деди иниси да моюн бербей.

Агасынын үйүнө көптөн бери келбегендиктен бөбөктөрүнүн кылыгын алгач түшүнө алган жок.

– Силерге эмне болду? Эмне даарат аласыңарбы? – деди таң кала.

– Ооба. Сиз менен намаз окуйбуз, – дешти экөө дагы жарыша сүйлөп. Айрыкча тили балдыраган иниси агасынан дегеле кем калчудай эмес.

– Биз намаз окуганды үйрөнүп атабыз. Күнүгө мечитке барабыз, – деди ал жарылдап.

Артында мынча жамаат күтүп калган соң ылдамдабаса болбойт. Ичинен инилеринин ыйманга суусап турганын сезип, кубанып турду. Ары-бери дааратын алып бүтүп, сүлгү менен аарчынып жатып экөөнөн даараттын шарттарын сурап көрдү. Чын эле билип алышыптыр. Тыкылдайт экөө тең.

– Макул анда, күтүп турам. Жуунуп келе калгыла, – деп төркү бөлмөгө кирип кетти.

Ошону менен экөө бир топко чурулдап жүрүп артынан келишти. Анча-мынча эскертүүлөрдү айтып, артына катарга тургузду да, чогуу шамды окушту. Андан кийин үчөө тегерек тартып отуруп алышып зикир чалышты. Албетте, муну берки экөө үйрөнө элек экен. Бирок ынтызарлана сурап, ал тургай кагаз-калем таап келип жазып да алышты. Анан бытыйган алакандарын жайдырып алып дуба кылдырды. Бир топко дуба кылышкан соң эмне деп дуба кылгандарын бир-бирден сурады.

– Мен «атам менен апам оорубасын. Биз жакшы окуп, жакшы бала бололу. Үйдө тамак көп болсун, апамдын башы оорубасын. Атамдын буту оорубасын. Ии... Сабактарымды жакшы окуюн. Бизди жакшы көр, оо Аллахым» деп дуба кылдым, – деди кичүүсү. Көзүн бакырайтып өз кезегин күтүп отурган улуусу анын артынан эле өзүнүкүн айта баштады.

– Мен болсо «дүйнөдө тынчтык болсун. Кыргызстанда жаман кишилер аз болсун. Атам, апам, чоң атам, чоң апам, таятам, таянемдер оорубасын» дедим. Анан сизди да «иштери жакшы болуп, үйгө батбат келип турсун» деп дуба кылдым, – деди.

Экөөнү мактады да, өзүнүн дубаларын айтымыш болуп дагы жакшы тилек тилегенди да үйрөтө кетти.

– Өзүңөргө, тууганыңарга, элижуртуңарга ыйман тилегенди да унутпагыла. Себеби, акча, тамакаш, окуу деген жакшы, бирок ыйман жок болсо анын баары эч нерсеге татыбай калат. Мисалы, жакшы окуган балада ыйман жок болсо, ал кийин кыйын адам болгону менен, жаман адам болуп кетиши мүмкүн. Жанагы кинолордо аябай кыйын, бирок дайыма жаман иш кылгандар болот го. Ошолордой болуп калат. Кээ бир кишилер акчаны көп таап бай болушат. Бирок, ал акчалары менен эч кимге пайдасы жок, тескерисинче, элге зыянын тийгизет. Ошондуктан ыймандуулукту унутпаш керек.

Экөө эч бир кири жок жалжылдаган көздөрүн бакырайтып, мурдуларын быш-быш тартып коюп дем чыгарбай угушту. Аларды карап отуруп чыныгы тазалыкты, чыныгы аруулукту даана сезди. Анан ачык турган эшиктен наркы бөлмөдө эч нерсе укпамыш болуп телевизор тиктеп отурган агасы көзүнө илинди. Анын «адамдын жүрөгү таза болсо болду да. Сөзсүз намаз окуп, сыйынуунун эмне кереги бар?» деген сөзү мээсине тык этти ошондо.

Чынында мурда бул сөзүнө жооп таба албай калчу.

– Өз нанымды өзүм таап, маңдай терим менен жанымды багып жүрөм. Эч кимге жамандык тилеп, бут тосконум жок. Кимдир-бирөөгө арам санап, бирөөнүн акысын тартып алган да жерим жок. Кудайга ишенем. Болду да. Мындан артыктын кереги эмне?!Эң негизгиси жүрөк таза болсо болду, – дечү ал. Ошондо, аз болсо да убакыт бөлүп, тереңирээк баам салбай жүргөн агасына кантип түшүндүрүштү билбей калчу. Аны айтып, муну айтып далилдейин дейт, андай сөзгө тигиниси кызыкпайт. Кайра баягы «жүрөгүнүн аппактыгын айтып» каршы чыгат. Жөн гана талашка, дебатка айлантып жиберет. Кээде, айласы кеткенде урушуп жиберейин дейт, агасына катуу айта албайт. Анан калса, улуу болбогон күндө да кыйноо, урушуу менен таасир бере албасын жакшы билет. Айла жок, унчукпай калчу. Азыр да ошол сөздөрү эсине келди. «Эхх жүрөгү тазам» деди ичинен. Мыйыгынан күлдү.

– Байке, сиздин жүрөгүңүз тазабы, же мобу балдардын жүрөгү тазабы? – деди агасынын жанына барып. Агасы бир өзүн карап, бир жазып алган сөздөрүн жаттай албай кужурап отурган балдарын карады да,

– Албетте балдардыкы таза да. Биздин жүрөк болбой калды го, – деп жооп кайтарды.


Беркиге так ушул жооп керек болчу.

– Туура. Тигине, жүрөгү таза адамдар ыйманга так ошол балдардай болуп суусап турат. А сиз экөөбүздүн жүрөк болбой калган да. Бирок, ошого да карабай «жүрөгүбүз таза, жүрөгүбүз таза» дегенибиз деген, – деди.

Агасы кептин кайда баратканын дароо түшүндү окшойт. Бир саам оңтойсузданып, ордунан козголуп же туруп кете албай, же отуруп киносун уланта албай кала берди. Сөздү мындан ары узатыштын кереги деле жок болчу беркиге...


НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Эки чөнтөк чүкө



Нургазы ар качандан бир качан чүкөлүү болууну эңсечү. Утуп алмакка кудаанын куттуу күнү ойносо да утулуп калат.Ошондо оюнга кумары канбай ызаланып, уттурган чүкөлөрүн кайра сатып алып, же буюмга башма-баш алмаштырып алчу. Бир жолу ооматы келип, тырмагы канаганча чүкө ойноп, көчөдө сандалып жүрдү. Боз ала чаң болуп курсагынын ачканын сезбей көгөрүп отуруп, көп чүкө утуп алды. Эки чөнтөгү чүкөгө толуп чыкты. Карыз сурагандарды карап да койгон жок. Дүрбөтүп топ балдарды артынан ээрчитти. Жалдыратты. Тыйынга да сатпады, буюмга да айырбаштабады. «Бир чөнтөгүн катып коюп, башка күнү ойнойм» деп кудуңдап келатканда алдынан атасы чыга келди. «Керели-кечке таптырбай темселеп кайда жүрөсүң, атаң оозун урайын, жубарымбек! Колдоруң кир, топчуң үзүлгөн. Күлгө оонаган тооктой бозоруп калыпсың. Оюнда атаңын өчү барбы?! Эмне окууга барбайсың я?!» деп эки чөнтөк чүкөсүн бут кагып алып койду.

Нургазы биротоло утулуп калбай, же утуп ырахатына батпай оозунан майын алдырган мышыктай мыш болуп, чаң жолдо бозоргон өңү чормоюп, атасынын алдында сандалып баратты.



Аңгеме Жапарали Осмонкуловдун "Күн кызарып батканда" аттуу китебинен алынды.

# Өз энем



Жаздын эрте келгенине кичинекей Медер абдан сүйүндү. Анткени чоң энеси «суук тийип калат» деп кышында сыртка чыгарчу эмес. Эми канча кааласа чыга берсе болот. Медер чоң энеси конокко кеткенинен пайдаланып, жок нерсени шылтоолоп, ылай буту менен тынымсыз үйгө кирип, кайра чыга берди. Заматта мизилдете жуулган таза бөлмө карала-торала болуп булганды. Ыпыр-сыпырга толуп кетти. Үйдү ыпыратып, жаман буту менен кирген курбусун уяткарып коём деген ниетте Болот досу:

— Медер, уялсаң боло! Чоң энең эртеден кечке үй жыйнайт. Кыйналат. Бирөөнүн эмгегин да баалаш керек да! — деди акыл айтып. Аны Медер тоотуп да койгон жок.

Кайра чиренип туруп:

— Эмне, жат бирөө бекен!? Өз энем! — деп полду «тарс» тепкенде өтүгүнөн кара балчык «талп» этип, кийизге түштү.

Аңгеме Жапарали Осмонкуловдун "Күн кызарып батканда" аттуу китебинен алынды.

# Эч качан шашпа!



Дем алыш күн болгондуктан, көл жээгине барып эс алып келгим келди. Үйдөн чыгып, көчөнүн башындагы аялдамага жакындап калган автобусту көрүп, жетишип калайын деп анталаңдап чуркап жөнөдүм. Кийген кийимимдин да чуркаганга ыңгайсыз болгондугунан чалынып жыгылайын деп аялдамага мына эми жетейин деп калганда жүргүнчүлөрдү салган бойдон ордунан жылып кетсе болобу? Ачуум келгенинен жерди бир бир тепсем, бутум сыйгаланып, аялдаманын отургучунун жанына үстөмөнүмөн жыгылып кеттим. Аялдамада жаштары жетимиштин кырын басып калган эки абышка отурган экен. Менин кызыктай кыймыл-аракетиме бир чети күлкүсү келсе, бир чети боору ооругандай, жылышып катарынан орун беришти.

Сакалын чылк күмүш бирөөсү:

– Каап, балам, бекер убара болбодуңбу. Автобустун артынан ушунча чуркоонун кереги бар беле, – деди. Экинчиси да ооруксунуп калган колумду аярлай кармап:

– Тим эле өмүрүңдөгү акыркы автобус кетип калгансып, сүрдүгүп калганча чуркап бөөдө этиңди оорутпадыңбы, – деди.

– Кийинки автобус келгенче, биз менен отуруп кобурашып тур.

– Автобус болсо сөзсүз келет. Ал келбей коймок беле.

– Өмүрдө эч качан шашпаш керек.

– Эч качан эч кимдин аркасынан шашылып кубалабай жүр, уулум.

– Бардыгы ирээти менен өз учурунда жаныңа келет.

– Шашмалыктан олдоксондук жаралат. Шашпасаң каалаган максатыңа жетесиң. Бакыт кушу да айланып колуңа коноор, – деп мени жооткотуп турушту.

Мен болсо сыйрылган чыканагымдын ачышканынан да, эки абышканын жүйөөлөп айткан сөзүнө ичим сыйрылып турду. Ушунча да шашма болот экем ээ. Маселе өлүм менен өмүрдүн ортосунда турса да эмне болуптур. Аксакалдардын айткан насаатына ыраазы болдум.

# Ай жылдар өтсө сабалап, ата-эне бизге аманат



Бирде өйдө бирде төмөн, бирде таттуу, бирде супсак жашоолор өтүп барат.

Качан гана ошол жашоодон кыйынчылыктарды, өйдө-ылдый сыноолорду баштан кечирип оор кайгырууларга дуушар болгондо энебиз эсибизге түшүп, бул жашоонун баары жалган, баардыгы сага гана зулумдук кылып сени гана жектеп жаткандай. Ошондо бир гана эненин сага болгон сүйүүсү, мамилеси, сезимдери, сени баардыгынан биринчи орунга койгондугу, бул дүйнөдө сенин ордуң бош эмес экендигин билгизип турат. А бирок жашоонду баардыгы жакшы, телегейиң тегиз болуп тургандачы? Энебиз жөнүндө эскеребизби? Ойлойбузбу? Ал сени тогуз ай көтөрүп, толготуп төрөгөнүн, сен деп кайсыл гана жолго барбагандыгы, сен ыйласаң кошо ыйлап, күлсөң кошо күлүп, сенин билеги ооруса, анын жүрөгү ооруп, жүлүнү сыздап турарын түшүнбөйбүз. Эненин сыйла. Атаңдын сөзүн ук, ата-эненден өткөн асыл адам жок деген сөздү өзүбүз бирөөгө айткан менен иш жүзүнө аткарабызбы? Эне баардык балдарына бирдей экендигин, анын ордун эч ким алмаштыра албайт. Эне шам сыяктуу бардык балдарына өз жарык нурун бирдей чачып турат. Энекебай мени кечир! Ата-эненин кадырын көзү өткөндө эскеребиз. Эх, пендечилик… Бардык нерсе түбөлүк эмес, түбөлүк нерсе жок, ошол түбөлүктүн дагы түбү-өлүк дегендей, бир гана эне мээрими чексиз. Келгиле бейиштин ачкычын эненин бут алдынан издейли.

Энебиз ушундайча биз үчүн асыл болсо, атабыз зор бир таяна турган аска- зообуз, тиреп турган түркүгүбүз эмеспи. Арт жактагы балалык кезибизди эстейличи. Ал кезде атабыздан өткөн күчтүү, андан өткөн айбаттуу адам жоктой, атабыз барда бизди эч ким кордой албагандай, бир чоң кебелбес, биздин намысыбызды эч кимге тебелетпеген бир чоң чеп катары көрчүбүз. Чындыгында, ал ошондой үй-бүлөнүн намысын баарынан жогору, өйдө көрөт. Ал үчүн биз дагы, энебиз дагы ага жараткандан аманат элек. Эми алар бизге аманат.

Атабыздын айбаттуу өткүр көздөрү чанагын шишик баскан, алыс жакынга жете бербеген соолуган карекке айланды. Каруусу таштай катып, чымыр денеси, каны бетине тээп турган кызыл жүзү эми бырыш баскан, таштан катуу карылуу колдорунан тамыры көгөрүп, таягын жөлөгөнгө гана араң жарайт. Энебиздин желкесинен ылдый төгүлүп, бизди эмизип жатканында бешик менен кошо ыргалып турган капкара кундуз чачтары азыр күмүштөй аппак. Акыйкатта биз жараткан кудайдан аларга берилген бир чоң белек аманат элек. Азыр алар бизге ошондой белек, бизге ошондой аманат.

РАЙЫМКУЛОВ НУРДИН

# Балдар “Кимсе йокму” уюмун жандантты

Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөсү, эл аралык «Кимсе йокму» (Kimse Yok Mu) кайрымдуулук уюму Кыргызстанга өкүлчүлүгүн ачып, жардамын берип келе жаткан Тоголок Молдо атындагы №71 балдар интернатынын окуучуларынын таланттарына күбө болушту



## 160 окуучунун 96сы тоголок жетимдер

Тоголок Молдо атындагы балдар интернаты президентибиз Алмазбек Шаршенович Атамбаевдин демилгеси менен ачылган. Мектепти оңдоп-түзөө жана жаңы имаратын куруута “Кимсе йокму” фонду активдүү катышууда. Учурда интернатта 680 окуучу билим алууда. Алардын 160ы региондордон алынып, жатып окушат. 160тын 96сы тоголок жетимдер. Балдарга баардык шарттар түзүлгөн.

## Кароосуз калган балдарга татыктуу тарбия берүү

Бул балдар интернатынын негизги максаты – тоголок жетимдерге, кароосуз калган балдарга татыктуу тарбия жана керектүү кесип берүү аркылуу коомдогу активдүүлүгүн камсыздоо.

## Балдардын бош убагы жок

Баардык көйгөй бош калуудан келип чыгат. Ошондуктан балдар билим алуудан сырткары ар-кандай ийримдерге катышат. Алардын ичинен балдарга өзгөчө жаккандары комуз, гитара, бий, шахмат, хор, кол өнөрчүлүк, күрөш ийримдери. Орус жана кыргыз тилдеринен сырткары англис, корей, түрк тилдери кошумча окутулат. Ар бир окуучу 1 жылда бир тил, бир музыкалык аспап, спорттун бир түрүн өздөштүрүүдө.

## Мурда дагы балдар менен иштешкенби?

Учурда 53 мугалим, 12 тарбиячы эмгектенет. Мугалимдерди ишке алып жатканда анын билиминен сырткары балдарга кандай мамиле кылганы, балдар менен мурда иштешкени каралат.

## 20 тонна эт таратышты

Кыргызстан Президентинин алдындагы билим берүү комиссиясы жана Түркиянын эл аралык “Кимсе йокму” кайрымдуулук уюму менен меморандумга кол коюлуп, мектепте заманбап шарттар түзүлгөн. Учурда 200 балага ылайыкталган жатакана курулуп жатат. “Кимсе йокму” фонду Орто Азиядагы өкүлчүлүгүн Кыргызстанга ачууну максат кылууда. Аталган фонд жакында Чүй облусундагы жана Бишкек шаарындагы ондогон карылар жана балдар үйүнө, дүлөй балдардын интернаттарына 20 тоннага жакын эт таратты. Бул Кыргызстандын айыл-чарбасына да чоң салым болуп эсептелет.

## Үй-бүлөлүк баалуулуктар аксоодо

Быйылкы “Тарых жана маданият” жылы мектеп үчүн өтө маанилүү. Эгер улуттук, үй-бүлөлүк баалуулуктар сакталса, каралбай калган балдар болбойт.

## Жетим бала Кыргызстанга чоң салым кошкон

Бул жерде 4-класстан 11-класска чейин окуп, андан соң жогорку окуу жайларга тапшырышат. Элдин керегине жараган, чыгаан инсандар чыгат. Жыл сайын 80 баладан кабыл алып жатабыз. Бул да чоң жетишкендик. Себеби, Кыргызстанга чоң салым кошкон бир эле жетим баланы – Исхак Разаковду баарыбыз билебиз. Исхак атабыз да тоголок жетим калып, балдар интернатында окуп тарбияланган.

## Толкунданткан маареке

Келген коноктордун башына шөкүлө кийип, кыргыз даамдарын сунган кыздар тосуп алышты. Мектептин концерттик залында балдардын тыкылдап ырдаганы, берилген оюндарды так-так аткарганы, өз калемине таандык апасына, атасына арналган ырларды көркөм окуп көз жашын төккөндөрү, кыргыз, түрк жана корей бийлерин катыра бийлегени, комузду күүгө келтирип, гитараны муңдуу черткени, ал тургай, Манасты да өзгөчө жандуу айтканы бир да көрүүчүнү кайдыгер калтырган жок. Бир аз кечигип башталган маарекедеги балдардын таланттарына күбө болуп отуруп, эркисизден ушунча күтүп отурганыбызга өзүбүз ыраазы болдук. Ошону менен ар бир балага бакыт каалап үйүбүзгө кайттык.

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ











# Ат — адамдын канаты

Кыргыз элинин өткөн турмушунда тулпар аттардын мааниси чоң болгондугун танууга болбойт. Кыргыздын байыркы эпосторундагы баатырларынын өмүрү алардын минген тулпарлары менен тыгыз байланыштуу болгону баарыбызга белгилүү



### Баатырдын багы атында

Кыргыз элинде: «Тулпар – тушунда, күлүк – күнүндө. Ат, аттан кийин жат»,–деген макалдар бекеринен айтылып калбаса керек. Кыргыз элинин турмушунда тулпар аттын мааниси чоң болгондугун танууга болбойт. Кыргыздын байыркы эпосторундагы баатырларынын өмүрү алардын минген тулпары менен тыгыз байланыштуу болгону бизге жакшы белгилүү. Мисалы, Эр Төштүк баатырдын минип жүргөн Чалкуйругу бир нече жолу аны өлүмдөн аман сактап калат. Манас баатырдын Аккуласы Манас төрөлгөн күнү кара жалдуу кула бээден туулат да, өмүр бою Манаска кызмат кылат. «Чоң казатта» Аккула окко учары менен Манастын шаштысы кетип, шайы оойт. Алмамбет окко учканда сөөгүн Сарала тулпарына жүктөп койсо, ал бир нече күнү суу ичпей, чөп чалбай жүрүп отуруп, Алмамбеттин сөөгүн аман-эсен Таласка жеткизет. «Чоң казатта» Чубакка ок жаңылат. Астындагы Көк тулпары Чубактын сөөгүн душманга бербей, ала качкан бойдон кетет.

Эпостун «Семетей» бөлүгүндө:

*Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени –*
*Семетейдин ажалынын жеткени,* –деген сыяктуу учкул саптар бар.

Семетей караңгыда жол тосуп жүрүп, кокустук менен өз бөлөсү Үмөтөйдү өлтүрүп алат да, таежесинен уялганынан бөлөсүнүн куну үчүн Тайбуурулун тартууга берип жиберет. Ошондон кийин көп узабай, Кыяс менен согушта минген аты жүрбөй калып, Семетей өзү кайып болот.

Калмактар менен кагылышта Тейитбек Телтору тулпарын уулу Курманбекке бербей коюп, ал ошол чабышта минген аты баспай калып, калмактардан өлөт.

Тулпарлардын ичинен өтө акылдуулары болгондугу да бизге жакшы белгилүү. Ажыбайдын Карткүрөңүн сан жылкынын ичине агытып коё берсе, ал ошол үйүрдү баштаган бойдон Таласты көздөй жөнөчү экен.

Революциядан мурун Көл башынан Анжиянга алпарып сатылган Аксур аттуу күлүк бир жылга жетпей чылбырын сүйрөп, Көл башындагы ээсине качып келген.

1916-жылкы Үркүндө Ак-Суу, Турпандын базарында сатылган жумгалдык Бекболот саяпкердин Нарбаш аттуу күлүгү жарым жылга жетпей, Жумгалдагы ээсине качып барган.

### Ат чабыштын тарыхынан

Ат чабыш кыргыз турмушунда өтө маанилүү орунду ээлеп келген. «Манас» эпосунда да ат чабыш жөнүндө айтылган маалыматтар көп. Манас боз улан кезинде сексен бала талаада жүрүп, Манасты кан көтөрүшөт да анын урматына минип жүргөн аттарын чабышат. Кийин Алмамбет Манаска келип, агаини болгон учурда да Манас ат чаптырып, той берет. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда да кырк чоросунун ат чапканы белгилүү.

Көкөтөй өлгөндө уулу Бокмурун Каркырада чоң аш берип, дүйнөдөгү элдердин көпчүлүгүн чакыртат. Ашта өткөрүлгөн чоң ат чабышка көп сандаган турпарлар катышып, күлүктөр Түркстан деген жерден коё берилет. Жолду катар ат чапкан балдар адашып, башка жолго түшүп кетпес үчүн, жол бою ар бир жолдун тоомуна жандоочулар коюлган. Бул ат чабышта Манастын Аккуласы чыгып келген. Бирок байгени Коңурбай, Жолойлор талап кетишкен да, кийин Манастын «Чоң казатты» уюштурушуна ошол окуя негизги себептердин бири болгон дешет.

Манас өлгөндөн кийин Каныкей Семетей менен кайненеси Чыйырдыны алып Бухарга качып барып, Семетейди бир тууган агасы Ысмайылга бала кылып берет. Семетей эр жетип, он төрт жашка келгенде Каныкей төлгө кылып, алтымыш асый болгон Тайторусун күлүккө чабат. Бирок, анын Тайторусун сүрөйм деп эркекче кийинип чапканы уулу Семетейге жакпай калат.

«Алтымыш асый болуп, оозунда тиши калбаган атын байгеге кошкону аз келгенсип, эркекче кийинип алып, ат сүрөймүн деген эмнеси? Тайторусу байгеден келсе, анда мейли. Бирок байгеге илинбей калса, анда энемдин башын аламын», – деп Семетейдин ачууланганын Каныкейдин кулагы чалат.

Байге аттары кайра тартып, алдыңкылары жол тосуп чыккан Каныкейдин жанынан зуулдап өтө баштайт. Бирок Тайторудан дайын жок. Биринин артынан бири шуулдап кырк-элүү ат өтөт. Ошондо Каныкейдин заманасы куурулуп:

*Арстан Манас, өлбөй кал!*
*Азапты бейбак, көрбөй кал!*
*Арбагы бийик Арстаным!*
*Колдочу болсоң, колдогун!*
*Колдобос болсоң дал бүгүн*
*Кокус болчу жолдомун!* –деп, буркурап ыйлап турса, алтымыш бир аттын аркасынан келе жаткан Тайторуну Манас, Бакай, Алмамбет, Чубак баш болуп, кырк чоросу менен ортого алып, сүрөп келе жаткан экен.

Алар тез эле астындагы алтымыш аттан Тайторуну сүрөп, чыгарып кетишет.

### Сынчылар жана саяпкерлер

Күлүк аттарды таптоодо сынчылардын, саяпкерлердин ойногон ролдору чоң. Ат канчалык күлүк болсо да, аны таптаган саяпкер начар болсо, күлүктөр байгеге эч илинген эмес.

Кээде орточо эле күлүктөрдү мыкты саяпкерлер таптап, жарышта күчтүү күлүктөрдөн чыгарып кеткен учурлар болгон. Мисалга мындай бир окуяны келтирүүгө болот: Революциядан мурда Ысык-Көлдө баш байгесине миң жылкы сайылган чоң ат чабышта чыгып келип, биринчи байгени алган Каракашка аттуу зор күлүк болуптур. Ал түбү Анжиян жактагы түштүк кыргыздардан ооп келген күлүк экен.

Байгеден чыккандан кийинки эле жылы ошол аргымактын ээси менен Кенжебай саяпкер мелдеше кетип жарышка түшөт. Алгач буту узундук кылып Каракашка аргымак чыгат. Жолдун тең ортосунан өткөндө, Кенжебай Каракашка аргымакты кууп жетип:

*Арчаторум, арышта,*
*Аргымактан калышпа.*
*Асылдыгы көп эмес,*
*Атты таптап чабышта,* – деп Каракашка аргымактан Арчаторусун чыгарып кеткен экен.

Сынчылар, саяпкерлер күлүктөрдү таанып, таптап, күлүккө чапкан. Сынчылар күлүктөрдү дене түзүлүшүнөн да ажырата билишкен.

Күлүк аттардын сыны, мүчөсү «Манас» эпосундагы Тайбуурулдун сынында негизинен туура берилген.

*«Бөрү тиши араадай,*
*Курч туягы чарадай,*
*Кашка тиши кадоодой,*
*Кызыл тили бүлөөдөй,*
*Азуулары болоттой,*
*Чаткаягы колоттой.*
*Секиргени бүргөдөй,*
*Семиргени сумбөдөй.*
*Кең соорусу кетмендей,*
*Кебездей болгон көкүлү*
*Көзүнө ченеп керткендей.*
*Балтыры бала белиндей,*
*Басканы сырттын желиндей».*

Эл ичинде айтылып жүргөн уламыштарга караганда, сынчылар күлүктөрдү баскан дүбүртүнөн да, таштаган тезегинен да, ал тургай өлгөн аттын баш сөөгүнөн да ажырата билишкен.

Көл башынан чыккан Найман сынчы деген киши үйдө отуруп:

– Балдар, сыртка чыгып карагылачы! Желаяктын дүбүртү угулат! – дейт.

Сыртка чыгып караса, Кенжебай саяпкер Арчаторусун минип келе жаткан экен.

### Толубай сынчы

Эл оозунда «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол!», – деген сөз айтылып калган. Кыязы, өз доорунда сынчылардын ичинен Толубайдын астына эч бир сынчы чыкпаса керек.

Ошол эле Толубай сынчы жылкынын сууда агып бара жаткан тезегин кармап алат да: «Бул тулпардын тезеги экен», – дейт. Текшерип көрүшсө, ошол өзөндүн башында, чындыгында эле тулпарлар оттоп жүргөндүгү аныкталат.

Илгери өткөн заманда Азиз аттуу кан:

– Мага жоого минип, айкырып найза сунууга жарагандай тулпар тапкыла! Андай тулпар тапкан сынчыга эмне кааласа ошонун баарын беремин,–дейт.

Бир күнү Азиз кан жан-жөкөрлөрүн ээрчитип, сейилдеп келатса, ээн талаада жылкынын куу башын кармап күңгүрөнүп бир чал олтурат.

– Эмненин башы? – дейт андан кан.

– Бул илгерки өткөн Алпамыш баатырдын Чаар тулпарынын башы, – дейт ал.

Кан ага таң калат да, ээрчитип келип:

– Мага тулпар тандап бергин, – деп өз элинде болгон жылкылардын баарын астынан чубатат. Бирок Толубай сынчынын сынына эч бир жылкы толбойт.

Эң акырында сынчынын астынан Кармыш деген кедейдин кырчаңгы боз атын жетелеп өтүшөт.

Ошондо Толубай сынчы ордунан ыргып туруп:

– Анык тулпар ушул, каным, – дейт.

– Ушул кантип тулпар болсун? Сен мени шылдыңдап жатасыңбы? –деп ачууланган кан Толубайдын эки көзүн ойдуруп салат.

Ошондо Толубай:

– Көзүмдүн кунуна ушул жаман Бозду мага бериңиз! – деп боз атты кандан сурап алат да, аны астына жылкы салбас күлүк кылып таптайт.

Кийин акын А.Осмонов өзүнүн «Толубай сынчы» аттуу поэмасын мындай саптар менен жыйынтыктаган:

### «Сынчы ата сөзүн буруп, Азиз канга:

*Жаманбоз – мен минген ат таанып кара.*
*Падышам, сен баркыма жете албадың,*
*Акыры ээн талаада сен – маскара.*
*Менде жок арманды угар тууган, досум*
*Жана да өнөр билген жан жолдошум.*
*Кантейин, жаратканга айтарым бар,*
*Артымда атымды айтар заман болсун»,-*
*Деди да камчы салды боз тулпарга,*
*Боз тулпар жакшы кызып эми гана.*
*Дайынсыз сапар алып зымырады,*
*Эли жок, жери жоктой бул ааламда.*
*Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,*
*Ай менен күн ортосун жалгыз ээлеп.*
*Акыры бир деңизге түшүп кетип,*
*Ошентип, Толубай сынчы өлсө керек.*

# Тонолгондун каргышы тоногонго түз тиет

**1) Уул, же кыз төрөлгөндө сөзсүз жандык союп жентек берүү керекпи?**

**Жооп:** Ооба. Жумхуур (ханафий мазхаптан башка үч мазхаб) мазхабында акыйка (жентек) сүннөт болсо, ханафий мазхабында мубах жана мустахаб болуп саналат. Эркек бала төрөлсө, эки кой, кыз бала төрөлсө, бир кой союп жентек өткөрүлөт. Бул жөрөлгө жетинчи күнү, а болбосо он төртүнчү күнү, а да болбосо жыйырма биринчи күнү өткөрүлөт. А да болбосо белгилүү бир күнгө чектелбейт. Качан мүмкүнчүлүгү болгондо өткөрө берет.

Демек, жентек той сөзсүз милдеттүү эмес. Мүмкүнчүлүк болсо, өткөргөнү жакшыраак.

**2) Бир караганда билинбейт бирок, жайнамазда камандын сүрөтү бар экен. Кээ бир адамдар аны билбей намаз окуса күнөө болбойбу?**

**Жооп:** Билбегенге күнөө жок. Билип туруп окуса, күнөөкөр болот. Кээ бир адамдар бөйрөктөн шыйрак чыгарганга уста болот. Жөн жерден эле камандын башы, Буштун буту деп айта беришет. Даана тартылбагандан кийин ага анчалык деле үзүлүп-түшүп маани берүүнүн кереги жок.

**3) Чындыгында, жыйырма биринчи кылымдын эң улуу инсандарынын бири катары сизди эбегейсиз сыйлаймын. Сиздин ар-бир баяндарыңыздын үзбөй угуп, окуп келем. Өзгөчө "Акыйкаттын жолу" китебиңиз жагат. Сиздин Ислам динине чын ыкласыңыз менен кызмат кылганыңыз Пайгамбарыбыздын өрнөгү десем эң туура болот. Сиз жана Абдышүкүр Нарматов аалымдарыбыз менен өтө сыймыктанып келебиз. Сиздерди терең урматтап,**

*Кытайдан Абдышүкүр.*

**Жооп:** Ырахмат жараным. Жакшы көмөнүңө ырахмат. Күнөөлөргө жыт бербегени үчүн Кудайыма шүгүрчүлүк келтирем. Болбосо, эң сасык адам мен болсом керек эле! Баарыбыздын өрнөгүбүз Пайгамбарыбыз алайхис салам. Ал кишинин жолун кармагандар эч убакта адашпайт. Мен да сиз сыяктуу аалымыбыз Абдышүкүр ажы менен сыймыктанам. Кудай Таалам бул улуу заттын өмүрүн берекелүү кылсын!

**4) Коён бакса болобу?**

**Жооп:** Болот. Жем-чөбүн өз убагында берип, зулумдук кылбаса, жакшы эле болот. Эти адал, мүнөздөп тамак ичкендерге пайдалуу деп айтышат. Терисин чарык кылсаңыз бир жылга чыдап берет. Мен кичине кезимде коён багып, ал коёндор күркөсүнөн чыгып кетип бак-шактын баарын кажыганы эсимде. Кийин дүңгүрөтмө деп аталчу бак-шактуу каналдын боюндагы токой сыяктанган жайга жеткирип койгонбуз. Ошол коёндор дале тукум улап жатты бекен, же жергиликтүү аңчылардын торуна түштү бекен билбеймин?

**5) Кыздар кулагын 2-3 жерден тешсе болобу?**

**Жооп:** Бир жерден тешсе болот деп китептерде жазылып жүрөт. Андан ашык тешсе болот десең, обу жок кыздар денесинин баарын тешип, элек болуп кетсе кантем деп ойлоносуң...

**6) Дуба кылуу менен тагдырды өзгөртсө болобу?**

*Москва, Чыңгыз.*

**Жооп:** Болот. Ошол дуба менен өзгөрткөнү да тагдырга жазылган болот.

**7) Банкта иштөөгө болбогондуктан чыгып кеткениме 3 ай болду. Бирок жарытарлык жумуш таппай жатам. Үй-бүлө бар дегендей. Эмне кылсам, устаз?**

**Жооп:** Мен сага чыгып кет деп осуят берген эмес элем. Адатта, тезинен башка жумуш караштырып, жумуш табылары менен алмаштыр деп осуят берип жүрөм. Кимде-ким Алланын ыраазылыгы үчүн арамды таштаса, Кудай Таалам ал пендесине күтүлбөгөн жерден ырыскынын эшигин ачып коёт.

**8) Курандын кыргызчасын жаттап намазда окусам болобу? Даарат алганда тишим кичине канай берет, даарат бузулбайбы?**

**Жооп:** Курандын кыргызчасын жаттабай эле, жөн эле түшүнсөң жакшы болот. Ал эми намаз араб тилинде гана окулат. Тишиң тынымсыз канай бере турган болсо, даарат алганда тишиңди жуубай деле даарат алсаң жарай берет. Ооз жууп жатканда тиши канаса, даараты бузулган болуп эсептелет.

**9) Устаз, Екатеринбург шаарына качан келесиз? Келип кетсеңиздер жакшы болмок?**

**Жооп:** Ниетте бар. Дубада болуп турсаңыз баары ордуна келет.

**10) Бирөөнү аябай катуу жакшы көрсөң Алла аны сенден алып коёт деген туурабы? Жакындарыңды канчалык деңгээлде жакшы көрүү керек?**

**Жооп:** Ар кимди өз ордунда жакшы көрүү керек. Бардыгынан жогорку махабат Алла Таалага жана Мухаммад пайгамбарыбыз алайхис саламга болуу керек. Ошондо ыйман кемелине келет.

**11) Жолдошум мага 3 талак бергенде боюмда бар болчу. Азыр жарашалы деп жатат. Жарашсак болобу?**

**Жооп:** Жообун тактоо үчүн жетелешип чогуу келсеңер, биргеликте маселени чечкенге аракет кылабыз. Бул таризде маселени чечүү кыйынга турат.

**12) Биздин мазхапта Иса алейхис саламга ишенүү кандай каралган?**

**Жооп:** Ахлу сунна мазхабында Иса алайхис салам жөнүндө төмөндөгүдөй этикаттабыз:

1. Ал Алланын кулу жана пайгамбары. Алла Тааланын Марьям энекебизге таштаган Сөзү.
2. Ал атасыз энеден туулган. Адам алайхис салам атасыз-энесиз жаралгандай.
3. Ал эң улуу "улул азм" пайгамбарлардын бири.
4. Анын кудайга таандык өзгөчөлүктөрү жок. Ал кудай эмес.
5. Анын керемет-мужизасы катарында Кудай Таалам бир канча мүмкүнчүлүктөрдү берген Мисалы, өлүктөрдү тирилтүү, ала оорусунан айыктыруу, бешикте экенинде сүйлөө.
6. Ал туура акыйдага, азыркы мусулмандардын акыйда ишенимине чакырган.
7. Ал Мухаммад пайгамбар өзүнөн кийинки акыркы пайгамбар экенине чакырган.
8. Аны менен Мухаммад пайгамбардын ортосунда башка пайгамбар жок.
9. Ал асылган да эмес, өлтүрүлгөн да эмес. Кудай Таалам аны асманга көтөргөн.
10. Ал акыр кыяматтын алдында жерге түшүп, Мухаммад пайгамбарыбыздын шариаты менен өкүм жүргүзөт. Чочкону өлтүрүп, айкашкан жыгачты (крестти) сындырат.

**13) Аялыма тамашалап коркутуу максатында 3 талак берейинби, же 10 талак берейинби? Бошсуң дедим. Талак ниетим болгон жок. Жашай берсек болобу?**

*Москва*

**Жооп:** Эгерде маселе сен айткандын дал өзүндөй болсо, анда эч нерсе түшкөн жок.

**14) Жубайым менин бут кийимимди тазалоодон намыстанат. Себеби атасы тазалаба деп айтыптыр. Ушул туурабы?**

**Жооп:** Намыстануунун кереги жок. Атасынын сөзүн угуу туура эмес бул сыяктуу маселелерде. А бирок өзү тазалагысы келбесе, аны тазалоого милдеттендирүү да туура эмес. Аялы күйөөсүнүн бут кийимин тазаласа, андан аялдын кадыр-баркы жогоруласа жогорулайт, асти, андан төмөндөбөйт.

**15. Башка диндегилерге жардам кылсам, сооп болобу?**

**Жооп:** Аларга жардам кылганда мусулманчылыкка даават кылуу иретинде болсо сооп болот. Бирок алардын өздөрүнүн туура эмес динине туруууга көмөк бере турган болсоңуз, анда күнөөкөр болосуз.

**16) Жолдошум талагымды бергенден кийин Москвага келе бергем. Азыр артымдан келип жашап алды. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Жогоруда жооп айтылды.

**17) Москвада кафеде иштейм. Кээ бир тамактарга камандын эти кошулат. Күнөө эмеспи?**

**Жооп:** Эгер мусулмандар тамак жей турган кафе болсо арам болот. Бирок жалаң эле каапырлар жей турган болсо, иштесең боло берет. Болгону колуңа кол кап кийип ал. Чочконун эти колуңа тийсе, колуң булганып калат.

**18) Жолдошум экөөбүз эң бактылуу жашаар элек. Мен аны Алла үчүн чексиз сүйчүмүн. Бирок кайненем бизди такыр тынч койбой, акыры ажыратып тынды. Ажыратканы аз келгенсип, баласын үйлөнтүп да койду. Жакында балабыз жарык дүйнөгө келет. Мындай жашоого эмне дээр элеңиз? (Эскертүү, суроо устаз толук окугандан кийин кыскартылды)**

**Жооп:** Сабыр кыл. Наристесин көргөндөн кийин баары өз ордуна келүүсү мүмкүн. Жашооңду бир аз анализдеп чык. Балким, кайын журтуңа жакпаган бир кылык-жоругуң бардыр. Кылган-эткениң жакшы эместир. Башканы күнөөлөгөндөн мурда ар ким өзүн күнөөлөсө, маселе оң жагына чечилмек.

**19) Президент намаз окууга тыюу салса эмне кылыш керек?**

*Өзбекстан.*

**Жооп:** Ага моюн сунулбайт. Намаз кудайдын буйругу. Намаз ар дайым окула берет. Ал президенттердин буйругуна каралып аткарыла турган нерсе эмес.



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**20) Балаң нышан ооз болуп төрөлсө эмне болот? Бул да болсо Алланын сыноосубу?**

**Жооп:** Ооба, Алланын сыноосу. Аны доктурга алып барып тиктирип коюу керек.

**21) Каза намаздарың болуп туруп, нафил, тахажуд намаздарын окуса болобу?**

**Жооп:** Эң жакшысы, каза намаздарды адегенде окуп алуу.

**22) Аялдар аялдарга имамдыкка өтсө болобу?**

**Жооп:** Болот. Макрух болуу менен дурус болот. Ар ким өзүнчө окуса жакшыраак болот.

**23) Кайсыл учурда каргыш тиет? Каргыш тиет деген чынбы?**

**Жооп:** Чын. Башкага зордук зомбулук кылсаң анын каргышы түз тиет. Азыр Москвада кыргыздар кыргыздарды тоноп жатпайбы? Мына ошол тонолгондордун каргышы тоногондорго түз тиет. Алар эч убакта жарыбайт.

**24) "Грузчик" болуп иштейм. Ал жерде арактарды да ташууга туура келет. Күнөө болбойбу?**


**Жооп:** Колуңдан келсе арак ташыба. Аны ташыган ичкенге шерик болот. Кудай Таалам шерменде кылбасын. Башка жумуш табуунун аракетинде бол.

**25) Медицина илими менен диний илимде кээде дал келбеген маселелер бар. Бул тууралуу ачыгыраак жазылган китеп же маалыматты кайдан окусак болот?**

**Жооп:** Диний илим так илим. Адашуусу мүмкүн эмес. Болгону маалымат алган булак так болуусу кажет. Кээде так эмес маалыматтарды туура эмес булактардан алып алган учурлар болот. Ал эми илим тажрыйбалардан топтолгон нерсе болгондуктан адашып калуусу толук мүмкүн. Туура акыл менен туура жеткен диний маалымат эч убакта бири-бирине карама-каршы келбейт. Карама-каршы келген убакта же диний маалымат туура эмес жеткен болот, же акыл туура эмес жыйынтыкка жеткен болуп калат.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Кар жок болсо, Жулпанатага кеттик



Кумурзстанда бул жылы кар өтө аз жаады. Анысы аз келгенсип кыш бүтө элек жатып, жай да келип алды. Ушундан улам кумурскалар жайында кантебиз, арпабызды кантип сугарабыз, сууну кайдан табабыз деп санаага батышты. Бир гана Кумурзстандын битке минерлери эч нерсени ойлогон жок. Данекбаштары данекбаштыгын талашып отурса, манекбаштары эмитеден эле ким уяхан болот деп чурулдап жүрөт. Бишкектин хэрин болсо бир заматта даяйындап салып кутулушту. Ага деле баары бир окшойт. Кыш болуп атабы, жаз болуп атабы, ойлонгон да жок. Илгери эле кезекк туруп койгон немедей келди да отурду.

- Эми эмне кыласыӊ? Кандай максаттарыӊ бар? – дешти эле.

- Мурунку хэрдей эле иштей бергиле, - деди.

- Сизчи, сиз эмне кыласыз? – дешти беркт кумурскалар.

- Менби? Мен деле мурунку хэрдей эле отура берем, - деди.

Кыскасы, мында дегеле ой жок экен. Ошондо ого бетер санаага баткан кумурскалар Кумурзстандын Гедреметине барып кайрылып көрүштү.

- Быйыл кар жааган жок. Күн да ысып кетти. Жай кандай болоор экен? – деп суроо салышты алар.

- Кандайча кар жааган жок?! Менин зымдарыма суу кар жабышып турбайбы, - деди Гедреметтин чоӊу.

- Кайсы зымдарыӊызга? Кар зымда тургай жерде жок.

- Омей, ишенбейсиӊерби? Жүргүлө көргөзөйүн.

Ошентип Гедреметтин уясына киришсе, чын эле зымдарына кар жабышып турат. Кумурскалар көргөн көзүнө ишенбей жакындап барып кармап көрүшсө кар эмес эле кебез экен.

- Ой мунуӊуз кебез турбайбы, - деп чочуп кетти кумурскалар.

- Койчу! Кана?

Өз колу менен кармалап көрдү да боорун тырмап каткырып жатып калды.

- Ой, боорум,оой! Балам жабыштырып койгон тура. Кечирип койгула. Эми мен билбейм, быйыл кандай болорун. Суу кар зымдарга жабышпаса, ал кайда жабышмак эле? Жерге эле түшкөндүр. Карап көргүлө жакшылап.

Ошону менен мындан да эч нерсе чыкпасын билип, Жайыл чарба манекбашына барышты.

- Аксакал, быйыл кар жок, күн да ысып кетти. Жайында кандай болоор экен?

- Биз былтыр 500 жерге арпа септик. Быйыл 1000 жерге себели деп атабыз. Былтыр...

- Жок аксакал. Суу жок жайында эмне кылабыз?

- Эми туугандар, быйыл Дүркуяга барып дөө буурчак тууралуу сүйлөшүп келдик...

- Аксакал, суу жок, суу! Күн ысык. Кар жок. Кандай болот?

- Эээ... Ммм... Неме... – манекбаш эмне айтарын билбей туруп калды да, өзүнчө ойлоно баштады. «Былтыркы 500 жерге арпа себилгенин айттым. Быйылкы 1000 жерди айттым. Дөө буурчакты Дүркуяга сүйлөшкөндү айттым. Дагы эмнени айт дешти эле? Дагы эмнени айтпай калдым?.. Жакшы эле жаттабадым беле...» Ошентип кыйлага эстей албай чекесин тырыштырып отурду. Акыры «кайра сурап көрөйүнчү, бирдеме эстээрмин» деген үмүт менен кайра сурады.

- Кечиресиңер, эмне дейсиңер? Кайсы аймактан, кандай маселе менен келдиңер?

- Кумурзстанда кар жок. Күн ысык. Жайында кантебиз деп келдик.

- Кар жок дейсиңерби?

- Ии. Күн да ысык...

- Күн да ысык э?

- Ооба күн да ысык.

Манекбаш кайра ойлоно баштады. «Кар жок, күн ысык болсо эмне кылыш керек эле? Мисалы былтыр кар жок, күн ысык болгондо эмне кылдык эле? Аа, таптым! Таптым» Тим эле маңдайы жарылчудай кубанып ордунан тура калды да бакылдап сүйлөй баштады.

- Ой, туугандар, мен силерди түшүндүм. Аябай сонун түшүндүм. Кар жок, күн ысык дебей эле ачык эле айтпайсыңарбы. Ай ушу силер, кепти түз айтпайсыңар да. Баскыла эми. Жүргүлө!

Ошентип баары шатырап жөнөп калышты. Беркилер мунун түрүн көрүп «бир билгени бар го» деп кубана түшүштү. Бирок, качан тигил майке-турсасын алып, сүлгүсүн жонуна илгенде чыдабай сурап жиберишти.

- Аксакал, кайда барабыз деги?

- Омей, кайда бармак элек? Кар жок болсо, күн ысык болсо. Жүргүлө Жулпанатага, эс алып келели.

Ошону менен мындан да түңүлүштү. Тигил жакта жер күйүп атса, эс алып отурушмак беле. Манекбаш менен сылык коштошуп Жулпан атага аткарып ийишти да, өздөрү түз эле Хахамбайды карай жөнөштү. Бирок, Хахамбайга булар эле барышпаптыр. Ал жерде толтура кумурска туруптур. Хахамбай болсо аларды тегеренип басып алган.

- Мына, деги мен силерди айланайынчы. Кечке айланайын. Кааласаңар жөө айланайын. Кааласаңар коңузума минип алып айланайын, - деп тынбай кобуранып жүрөт. Аңгыча булар барып калды эле, Хахамбай аларды да айлана баштады.

- Мына, силерди да айланайын. Кааласаңар кетип деле калайын. Кааласаңар айланып жүрө берейин. Мына, мына...

Бирок, Шаша айланса эле кар жаап, же суу чыгып кетмек беле. Үлп эткен жел да болгон жок. Төбөдөн чакыя тийген күндөн эстери оой баштаганда айланып жүргөн уяхандан буйтап өтүп, уяларына тарап кетишти.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ
(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

– Э балам, аарчыбай жеш керек эле. Э балам, – деп алаӊдап калды кемпир. Бирок, андан ары кебин улай алган жок. Бала болсо «азыр апа, азыр» деп коюп тез эле алманы аарчый салды да, кабыгын нары жакта жүргөн тооктордү карай ыргытып жиберип, өзү тазаланган алмадан бир кесип кемпирге сунду.

– Чоӊ эне, атам мени кандай тамак болсо да улууларга биринчи ооз тийгизип жүр деген. А сиздей чоӊ энелерге алманын кабыгын аарчып бербесе, чайнай албай каласыӊар. Айылдагы таянем дагы дайыма аарчып жейт, – деди бала.

Мастан эмне деп айтаарын билбей эрдин тиштенип отуруп калды. Себеби, ал эптеп баланы уктатып туруп көтөрүп кетейин деп алманын сыртына өзүнүн уу-дарысынан шыбап койгон эле. Мына эми анысы да текке кетти. Айтмакчы, тигине алманын кабыгын бир-эки чокуган тооктор, чекеден тырайып кулап, уйкуга кете баштащыптыр.

Кемпир эми кантип амалданышты билбей отуруп калды. Бала болсо эч нерседен бейкапар наркы-беркини кожурап отурат. «Эми кандай кылам?» деп аргасы куруй баштады мастандын. «Күнүгө эле жалгыз кала бербеши мүмкүн. Балким кошуна-колоӊ шекшип калса эмне болот?» Ошентип мастандын такыр эле шаштысы кетти. Акыры ал өтө опурталдуу ыкмасын колдонмой болду. Чынында, бул ыкмасын канчалаган жылдан бери бир да кишиге жасай элек болчу. Себеби, аны колдонгондон кийин, бул жерге экинчи кайтып келүүгө мүмкүндүк болмок эмес. Эмесе, көп эле табышмактата бербей, башынан айтып берейин.

Жогоруда айтылгандай адамзат өнүгүп, илим-билимдүү болуп калгандан кийин буларга жашоо аябай кыйындады. Ал тургай, элдин ушунча акылдуу, ынтымактуу болуп кеткенинен улам, далай сыйкырчылар, желмогуздар, дөөлөр, ажыдаарлар жок болду. Ошондон улам жомок каармандары мындан нары токойдон чыкпай гана жашамай болду. Ал эми булардын башчысы Каардуу Каргалдын кичүү кызы Жезтумшук сулуу токойго башчы болгондон бери баардык жомок каармандарын, дөөлөрдү, сыйкырчыларды жана жин-перилерди адамдарга такыр жолобогула жана сыйкыр колдонбогула деген буйрук чыгарды. Чынында, анын да айтканынын жөнү бар болчу. Себеби, кимдир бирөө эле сыйкырчылык кылып жиберсе, же кайсы бир жомоктун каарманы өзүнүн чынында бар экенин билгизип, адамдар менен байланыш куруп ийсе, анда ал дүйнө жүзүнө дүӊ болмок дагы, адамдар баардык жомок каармандарын издей баштамак. Ал эми жеринен адамдарды жаман көргөн жомок элине бул такыр жакпаган көрүнүш болчу. Мына, Жез тумшук сулуу ушундан улам аябай катуу буйрук берип, сыйкыр колдонууга тыюу салган. Бирок, биздин Мастан кемпир, тээ бала кезинен бери издеп жүргөн энесин издөө максатында ошол мыйзамды бүгүн бузганы турат...

Эч нерсе менен иши жок болпогой бала берилип алып кемпирге бир нерселерди айтып, алмасын улам кесип жеп отурганда мастан оозун батбаттан кыбыратып, күбүрөнүп-шыбыранып кайдагы бир сыйкырын окуй баштады. Алгач акырын баштаганы менен улам барган сайын бекемирээк чыгып, бир эле сөзүн кайталап жатты. Көзү болсо чанагынан чыгып кетчүдөй акшырайып балага кадалып калыптыр. Ийрейген тумшугу мурдагыдан бетер ийрейгенсип, кудум бүркүттүн тумшугундай ормоюп баратты.

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ




«ИСЛАМ - ТЫНЧТЫКТЫН ЖАРЧЫСЫ»
аттуу китеп окуу конкурсун жарыялайт
КОНКУРСТУН МАКСАТЫ:
Пайгамбарыбыз Мухаммед (саллаллааху алайхи васаллам) тууралуу элге туура маалымат берүү;
Анын өрнөктүү өмүр жолун жана осуяттарын окууну элибизге сунуштоо;
Ханафи мазхабын туура түшүндүрүү.
Конкурс
3 китептин негизинде өткөрүлөт
КАТТАЛУУНУН АКЫРКЫ МӨӨНӨТҮ 25-МАРТ 2016-ЖЫЛ
Конкурска катышууну каалагандар 2016-жылдын 25-мартына чейин тизмеге катталуусу керек. Конкурстун сынагы 10-апрелде Бишкек шаарында жана облустук борборлордо өткөрүлөт. Жеңүүчүлөргө сыйлык тапшыруу аземи Бишкек шаарында өтөт.
ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРГӨ ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ СЫЙЛЫКТАР ТАПШЫРЫЛАТ:
1 Риядус Салихин (тандалган хадистер)
1-орун УМРА сапарына жолдомо
2-орун УМРА сапарына жолдомо
3-орун 70 000 сом
4-орун 40 000 сом
5-орун 30 000 сом
6-орун 15 000 сом
7-орун 10 000 сом
2 Сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед (САВ) өмүр баяны
1-орун УМРА сапарына жолдомо
2-орун 40 000 сом
3-орун 30 000 сом
4-орун 25 000 сом
5-орун 15 000 сом
6-орун 10 000 сом
3 Абу Ханифа и ханафитский мазхаб
1-орун 40 000 сом
2-орун 30 000 сом
3-орун 25 000 сом
4-орун 15 000 сом
5-орун 10 000 сом
Мындан тышкары кошумча кызыктыруучу белектер берилет.
Конкурска катышуу үчүн окурман бул китептердин кайсынысына катышаарын алдын ала тандап, катталуусу керек. Конкурстун сынагы тест түрүндө өтөт.
0554 88 46 18, 0554 88 47 18
0773 00 77 34, 0771 55 66 52
0700 63 52 74, 0700 63 52 69
0770 30 11 44
e-mail: okuybuz@gmail.com
https://www.facebook.com/islamtynchtyk


ZER
925 чеңемдеги күмүштөн өзгөчө кооздуктар
Европадан шакектер, сөйкөлөр, билериктер, нике шакектер жана теспелер (жибек да өрүлгөн күмүш)
Ыңгайлуу баа жана миң түрдүү тандоо!
Берен Голд, 2- кабат
0556 96 77 99, 0707 33 77 58


GREEN CITY
eco hotels & resorts
Green City мейманканасы
бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50
Green City мончосу
түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а
www.greencity.kg
+996 312 89 67 67
+996 550 89 67 67
+996 701 79 67 67